Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

# АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫ ҮЧҮН КОЛДОНМО

БИШКЕК ш.-2023-жыл

# КИРИШ СӨЗ

Колдонмо аймактык шайлоо комиссияларына (мындан ары – АШК) комиссиядагы иштин бардык татаалдыгын түшүнүүгө жана мүмкүн болуучу каталарды жана так эместиктердин алдын алууга жардам берүү максатында иштелип чыкты.

Колдонмодо жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү процессинде АШКишке ашыруучу негизги жол-жоболор баяндалган.Бул Колдонмо шайлоо мыйзамдарын колдонуунун практикалык маселелерине шайлоону уюштуруучулардын көңүлүн буруусуна басым жасагандыгына байланыштуу өзгөчө баалуулукка ээ.

Акыркышайлоо өткөрүлгөн мезгилден тартып КРнын шайлоо мыйзамдарына өзгөртүүлөр киргизилгендигине көңүлүңүздөрдү бурабыз, алар шайлоо комиссиялардын айрым иш-аракеттердиаткарууну жаңыча регламенттейт.

***Бул колдонмодогу шарттуу кыскартуулар:***

- АЭУ – автоматтык эсептөөчү урна;
- СӨМ - КР Санариптик өнүктүрүү кызматы
  Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
- КБМР – Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестри;
- КР шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамы – “КР шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” КР Мыйзамы;
  “ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамы – “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамы;
- ЫЧКТ- Ыкчам чара көрүүчү координациялык топ;
- ДМЧА- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар;
- ЖӨБО – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы;
- КЭУ- коммерциялык эмес уюм;
- ШТ – шайлоочулардын тизмеси;
- ЖМК – жалпыга маалымдоо каражаттары;
- АШК – аймактык шайлоо комиссиясы;
- УШК – участкалык шайлоо комиссиясы;
- БШК – КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы.

**Мазмуну**


I. **Шайлоо мыйзамдарындагы өзгөртүүлөр ....................................................................4**

II. **Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо АШКнын ишмердигинин негизги жоболору ....................................................................7**

**III. АШКнын добуш берүү күнүнө чейин ишмердиги**

3.1. Участкалык шайлоо комиссиясын түзүү ....................................................................8

3.2. Шайлоочулардын тизмеси ....................................................................9

3.3. Аялдар үчүн мандаттарды резервге калтырууну эске алуу менен, шайлоо округдарын жана шайлоо участкаларын түзүү ....................................................................11

3.4. АШКнын ишмердиги жана «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын (СВЭМ) колдонуу менен жергиликтүү кеңештерге депутаттыкка талапкерлерди каттоо ....................................................................15

3.5. Шайлоо комиссияларында талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын, өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын өз ара аракеттенүүсү ....................................................................22

3.6. Шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына маалымдоонун сакталышына жана шайлоо алдында үгүт жүргүзүлүшүнө контролдук кылуу боюнча АШКнын иши.................................................................... 29

3.7. АШКнын ЖМК өкүлдөрү, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, укук коргоо органдарыменен өз ара аракеттенүүсү....................................................................33

3.8. 6

3.9. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын шайлоо укуктарын камсыз кылууда АШКнын мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсү....................................................................36

**IV. Добуш берүү күнү аймактык шайлоо комиссиясынын ишмердиги**

4.1. Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун (ЫЧКТ) аракеттери .................................... 43

4.2. АШКнын шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын (даттанууларын) кароо боюнча Жумушчу тобу.................................... 43

**V. Аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүү аяктагандан кийинки ишмердиги**

5.1. Аймактык шайлоо комиссияларынын участкалык шайлоо комиссияларынан документтерди кабыл алуу жол-жоболору.................................................................... 44

5.2. Аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнү жыйынтыктарын белгилөө тартиби....................................................................47

5.3. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду толтуруунун тууралыгын жана толуктугун текшерүү параметрлери ....................................................................48

**VI. Добуш берүү күнүнөн кийин аймактык шайлоо комиссиясынын иши**

6.1. Аймактык шайлоо комиссияларынын шайлоонун жыйынтыктарын чыгаруусу жана натыйжаларын аныктоосу.................................................................... 49

6.2. Протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жол-жобосу.................................... 50

6.3.Шайлоонун натыйжаларын тастыктоо үчүн БШКга шайлоо документетрин берүү.................................................................... 51

6.4. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын каттоо жана күбөлүктөрдү берүү.................................................................... 51

VII. **АШКнын ишин финансылык жактан камсыздоо ....................................53**

VIII. **Шайлоо талаш-тартыштары ....................................................................55**

# I. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫНДАГЫ ӨЗГӨРТҮҮЛӨР

Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү жагында мыйзамдарга жана мыйзам актыларына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилген:

- «КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө», КР референдуму жөнүндө» КР конституциялык мыйзамдары;
- «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- «КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө», «Жергиликтүү кеңештердин депутаттардын статусу жөнүндө», «Борбордун статусу жөнүндө», «Ош шаарынын статусу жөнүндө» КР мыйзамдары.

**Өзөктүү өзгөртүүлөр төмөнкү негизги багыттарга багытталды:**

1. Шайлоо процессинин инклюзивдүүлүгүн жогорулатуу;
2. Пассивдүү шайлоо укугун ишке ашыруу шарттарын жакшыртуу;
3. Коомдук байкоочулардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
4. Шайлоочуларды маалымдоо жана шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү жол-жоболорун жакшыртуу;
5. Жергиликтүү кеңештерге шайлоодо, шайлоо өнөктүгүн каржылоонун айкындыгын камсыздоо;
6. Шайлоочулардын эрк билдирүүсүнө таасир көрсөтүүнүн негизги факторлорунун бири катары административдик ресурс менен күрөшүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу;
7. Жазында жана күзүндө жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо «бирдиктүү добуш берүү күндөрүн» белгилөө (апрелдин экинчи жекшембиси жана октябрдын экинчи жекшембиси).
8. Гендердик теңдикти камсыз кылуу.

Мындан ары аталган өзгөртүүлөрдү кыйла кенен-кесири карап чыгалы:

**1. Шайлоо процессинин инклюзивдүүлүгүн,** шайлоо процессине жарандарды тартуу жолун жогорулатуу. Ал эки жол менен жетишилет:

A. **Шайлоо процессинде жарандардын инклюзивдүүлүгүнүн жалпы шарттарын жакшыртуу:**

| **A. Шайлоо процессинде жарандардын инклюзивдүүлүгүнүн жалпы шарттарын жакшыртуу:** | **B. ДМЧАлардын укуктарын сактоо максатында чаралар каралган:** |
|---|---|
| ✓ Шайлоочулардын тизмелери менен таанышуу мөөнөттөрүн көбөйтүү (шайлоочулардын *алдын ала, контролдук жана акыркы* тизмелери).<br>✓ Шайлоочулардын тизмелериндеги маалыматтардын өзгөрүүсүн аларды кызмат көрсөтүү аркылуу берүү жолу менен тактоо жөнүндө шайлоочулардын арыздарды берүү мүмкүнчүлүгү кеңейтилген: авторизациядан өтүү менен «Тизме» мамлекеттик | ✓ «ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочу» (ДМЧШ) түшүнүгү киргизилген;<br>✓ ЖӨБО менен бирдикте ДМЧА эсепке алуу, ДМЧА керектөө карталары киргизилген.<br>✓ шайлоо комиссияларынын да, ошондой эле талапкерлердин, саясий партиялардын ДМЧА керектөөлөрүн эске алуу менен маалыматтык жана үгүт материалдарын басып чыгаруу милдети белгиленген. |

| | |
|---|---|
| порталында **«шайлоочунун *кабинети*»**.<br>✓ Шайлоочулар алардын маалыматтарын оңдоо жөнүндө арыз берген учурда (1-форма), аталган шайлоочулар арыздарды толтуруу үчүн биометрикалык идентификациялоодон өтүшөт деген ченем киргизилген. | |

**2. Шайлануучу органдардын сапатын жогорулатуу максатында депутаттыкка талапкерлерге талаптар киргизилди:**

- жалпы орто билимден төмөн эмес билиминин болушу («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 3-беренесинин 4-пункту);
- соттуулугу жөнүндө маалыматтарды берүү («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 3-беренесинин 5-пункту);
- башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги, анын ичинде мурдагы жарандыктары жөнүндө документти берүү,
- жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө талапкерлердинжазуу жүзүндөгү макулдугу.

Жергиликтүү кеңештерге депутаттар үчүн шайлоо күрөөсүн белгилөө (Бишкек жана Ош шаардык кеңештерге – 500 эсептешүү көрсөткүчтө, калган шаардык кеңештерге – 200 эсептешүү көрсөткүчтө, айылдык кеңештерге – 10 эсептешүү көрсөткүчтө).

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо күрөөсү кайтарылган конкреттүү учурлар белгиленген.

**3.Коомдук байкоочулардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү**

- Жол-жоболорду жеңилдетүү максатында «коомдук байкоочуларды аккредитациялоо» түшүнүгү жоюлган, эми коомдук байкоочуларды шайлоо комиссиялары **каттайт**. Мында КЭУ бир участокко бир гана коомдук байкоочуну жөнөтүүгө укуктуу деген чектөө алып салынган.
- КЭУ участокко **3**кө чейин байкоочуну жөнөтүүгө укуктуу, мында участокто бир убакта **бир** байкоочу болушу керек.
- Коомдук байкоочуларга алар катталган шайлоо участкаларында эркин ары-бери жүрүү укугу берилген, ошондой эле добуш берүүнүн жашырындуулугун бузбастан жана **шайлоо процессинин жүрүшүнө тоскоолдук жаратпастан**, жеке өзү шайлоо процессин сүрөткө, видеого тартуу укугу берилген(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин3-пункту).

**4. Шайлоочуларды маалымдоо жол-жоболорун жана шайлоо алдындагы үгүт иштерин жакшыртуу**

- «маалымдоо» жана «шайлоо алдындагы үгүт» түшүнүктөрүн так ажыратуу. Шайлоо алдындагы үгүттүн жүрүшүндө талапкерлердин **биргелешкен** иш-чараларына көңүл буруу зарыл («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесинин 3,9-пункттары) ;
- үгүт өнөктүгүнө диний ишмерлердин катышуусуна тыюу салынган («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесинин 3-пункту, 19-беренесинин 4-пункту, 21-беренесинин 1-пункту, 22-беренесинин 15-пункту);

- көрсөтүлгөн, катталган талапкерлер жана **алардын саясий программалары**, талапкердин жана саясий партиянын шайлоо фондусуна каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы, талапкерлердин жана саясий партиялардын финансылык отчеттору тууралуу шайлоо комиссиясы тарабынан жарыяланууга тийиш болгон маалыматтык материалдардын тизмеги толукталган («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22, 42-беренелери);
- Талапкер же саясий партия тарабынан өзүнүн шайлоо алдындагы программасын алар катталган күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен көчүрмөлөрүн кийин берүү мененмилдеттүү түрдө жарыялоо жөнүндө ченем («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин 2-2-пункту);
- талапкерлердин жана катталган тизмедеги талапкерлердин биргелешкен үгүт иш-чараларына жеке катышуусунун ченеми белгиленген («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесинин 3-пункту).

**5. Жергиликтүү кеңештерге шайлоодо шайлоо өнөктүгүн каржылоонун ачык-айкындуулугун камсыз кылуу**

Шайлоо өнөктүгүн каржылоону контролдоо жана айкындуулугун камсыздоо үчүн шайлоо фондусунан чыгашалардын тизмеги аныкталган («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 12-пункту).

**6. Шайлоочулардын эрк билдирүүсүнө тийгизген таасиринин негизги факторлорунун бири катары административдик ресурс менен күрөшүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу**

Адамдык, финансылык, материалдык, медиалык, институционалдык ресурстарды укукка жат пайдаланууну камтыган **административдик ресурстан кыянаттык менен пайдаланууга** жол бербөө тууралуу атайын берене киргизилген, алар талапкерлерди же саясий партияларды колдоонун саясий же башка формаларынын белгилерине ээ.(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $17^1$-беренеси).

Шайлоо мыйзамдарын бузууларды алдын алуу жана аларга каршы күрөшүү үчүн шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлдеринде **ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор** түзүлөт, алардын курамына шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, укук коргоо органдарынын, прокуратуранын жана УКМКнын өкүлдөрү кирет.

Ыкчам чара көрүүчү координациялык тобунун негизги **функциялары** төмөнкүлөр болуп саналат:

- шайлоо мыйзамдарын бузууларга ыкчам чара көрүү жана көрүлүүчү чаралар тууралуу жарандарга маалымдоо («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 41-беренесинин 4-пункту).

**7. Жазында жана күзүндө (апрель айынын экинчи жекшембиси жана октябрь айынын экинчи жекшембиси) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо «бирдиктүү добуш берүү күндөрүн» белгилөө**

Мыйзамга ылайык жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо бирдиктүү добуш берүү күндөрү белгиленген. Мындай түзөтүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо тез-тез өтүшү жагдайы менен чакырылган, бул уюштуруу, адамдык жана финансылык чыгымдардын кыйла өсүшүнө алып келет. Көрсөтүлгөн чыгымдарды болжолдоо жана төмөндөтүү максатында, добуш берүүнүн бирдиктүү күндөрүн белгилөө жөнүндө ченемдер кабыл алынган.

Алсак, добуш берүүнүн бирдиктүү күндөрү ***апрель айынын экинчи жекшембиси жана октябрь айынын экинчи жекшембиси***депбелгиленген.

**8. Гендердик теңчиликти камсыз кылуу**

Айылдык кеңештин ар бир шайлоо округу боюнча депутаттардын мандаттарынын 30 пайыздык резервин аялдар үчүн киргизүү аркылуу гендердик теңчиликти камсыз кылуунун кепилдиктери жана резервге калтырылган мандаттарды бөлүштүрүү тартиби жөнүндө жобо бекитилген («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-1-беренеси).

## II. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ИШИНИН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ

***(«Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренеси менен жөнгө салынат)***

1. Аймактык шайлоо комиссияларынын иши коллегиалдуулуктун, айкындуулуктун, ачыктыктын жана **калыстыктын** негизинде жүзөгө ашырылат.

2.Аймактык шайлоо комиссияларынын курамы анын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын үчтөн экисинен кем эмесинен түзүлсө ишке киришүүгө ыйгарым укуктуу, ал эми аймактык шайлоо комиссиясынын биринчи жыйналышында аймактык шайлоо комиссиясынын белгиленген курамынын үчтөн экисинен кем эмеси катышса, ыйгарым укуктуу болуп саналат.

3. Аймактык шайлоо комиссиясынын биринчи жыйналышын жаш курагы боюнча улуусу ал түзүлгөн күндөн тартып үч күндөн кечиктирбестен чакырат, анда:

- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн тааныштырат;
- АШКнын үч мүчөсү курамындагы эсептөө комиссиясы ачык добуш берүү жолу менен катышып отурган мүчөлөрүнүн санынын көпчүлүк добушу менен шайланат;
- БШКнын Төрагасы үчүн белгиленген тартип менен АШКнын төрагасын жана катчысын шайлоо өткөрүлөт;

4. АШКнын жыйналышы төрага тарабынан, ошондой эле АШКнын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын үчтөн биринен кем эмес мүчөсүнүн талабы боюнча чакырылат. Шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү мезгилинде жыйналыш жумасына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Жыйналыштар протоколдонот.

5. АШКнын шайлоого даярдык көрүүнү жана өткөрүүнү финансылык жактан камсыз кылуу маселелери, талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу, добуш берүүнүн жыйынтыктары же добуш берүүнүн натыйжалары, шайлоону болгон жок же анык эмес деп таануу, кайталап добуш берүүнү өткөрүү, кайра добуш берүү же кайра шайлоо, УШКнын чечимдерин жокко чыгаруу жөнүндө чечимдери жыйналышта АШКнын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын үчтөн кем эмесинин катышуусунда кабыл алынат.

6. Чечим менен макул болбогон АШКнын мүчөсү жазуу түрүндө өзгөчө пикирин билдирүүгө укуктуу, ал жыйналыштын протоколунда чагылдырылышы жана ага тиркелиши керек жана төрага тарабынан БШКга эки жумадан кем эмес мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү, добуш берүү күнүнөн кийинки күнү – токтоосуз билдирилет.

7. АШКнын талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоо жөнүндө чечимдери, ошондой эле даттануулларды кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган АШКнын чечимдери БШКнын расмий сайтына жарыялоо үчүн **24 сааттын ичинде** БШКга берилиши керек.

**Шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү мезгилинде жумушчу топторду түзүү менен АШКнын мүчөлөрүнүн ортосунда ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү сунушталат:**

1) Жергиликтүү кеңештерге депутаттыкка талапкерлердин документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ.
2) Шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин арыздарын (даттанууларын) кароо боюнча жумушчу топ.
3) Маалымат берүү жана шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүнүн сакталышына контролдук кылуу боюнча жумушчу топ.
4) АШКнын ыкчам чара көрүүчү координациялык топ (мындан ары – ЫЧКТ). *Эгерде АШК максатка ылайыктуу деп эсептесе, шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин арыздарын (даттанууларын) кароо боюнча жумушчу топ менен Ыкчам чара көрүүчү координациялык топту(ЫЧКТ) бириктирүү мүмкүн.*

## Ш. АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨ ЧЕЙИНКИ ИШМЕРДИГИ

### 3.1. Участкалык шайлоо комиссиясын түзүү

(*«КР шайлоо комиссиялары жөнүндө»* *КР Мыйзамынын 19,20-беренелери менен жөнгө салынат*).

Участкалык шайлоо комиссиясы саясий партиялардын жана тийиштүү участкалык шайлоо комиссиясынын тийиштүү резервинин өкүлдөрүнүн жети мүчөсүнүн кем эмес курамда аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлөт.

**Бул үчүн АШКнын мүчөлөрү биринчи кезекте:**

✓ УШК тийиштүү УШКнын резервинде турган мүчөлөрдүн жетиден кем эмес курамында, саясий партиялардын өкүлдөрүнөн экиден биринин курамында, жана экиден биринин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн курамында түзүлөт. УШКнын резерви **5 жылдык мөөнөткө** түзүлөөрүн эсине тутуусу керек.

УШКнын мүчөлөрүнүн саны тийиштүү шайлоо участкасындагы шайлоочулардын санынан алганда Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлөт:

1) 0 дөн 500гө чейин шайлоочуга – УШКнын жетиден кем эмес мүчөсү;
2) 501 ден 1200 гө чейин шайлоочуга – УШКнын тогуздан кем эмес мүчөсү;
3) 1201 ден көп шайлоочуга –УШКнын он бирден кем эмес мүчөсү.

✓ АШК саясий партиялардан жана жарандардын чогулушунан, коомдук бирикмелерден курамга жана резервге талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө саясий партиялардын аймактык жетекчилерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын жетекчилерине кайрылуу кат жөнөтүшү керек .

✓ **АШК** жарандардын чогулушунан, коомдук бирикмелерден жана саясий партиялардын аймактык өкүлчүлүктөрүнөн талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө **протоколдорду** кабыл ала баштайт, мында АШКнын мүчөлөрү протоколдор чогулуштун төрагасынын жана катчысынын колтамгасы менен күбөлөндүрүлгөнүнө көз салуусу керек. Протоколдо **чогулуштун катышуучуларынын жашаган жери көрсөтүлүп жана алардын колтамгасы коюлган тизмеси** тиркелиши керек.

Жогоруда аталган документтерге төмөнкүлөр **тиркелет:**

- УШКнын курамында иштөөгө макулдугу жөнүндө талапкердин арызы жана КР шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин сактоо жөнүндө милдеттенмеси .
- паспортунун көчүрмөсү;
- иштеген, окуган жерин, билимин көрсөтүү менен биографиялык маалыматтары (кадрларды эсепке алуу боюнча жеке баракчасы же резюме);
- байланыш маалыматтары: жашаган жеринин дареги, телефондорунун номерлери.

✓ Алынган документтерди текшерүүдө **АШКнын** мүчөлөрүнө маалыматтарды ар бир АШКда бар болгон **Терс негиздер боюнча маалыматтар базасынын** маалыматтары менен салыштыруу зарыл.

**МААНИЛҮҮ!**

Жогорутурган шайлоо комиссиясы тарабынан аймактык, участкалык шайлоо комиссияларынын курамынан терс негиздер боюнча чыгарылган адамдар тийиштүү шайлоо комиссиясынын резервинен чыгарылды деп эсептелинет.

✓ Шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди көрсөткөн субьекттерге көрсөтүү процессинде А**ШКнын мүчөлөрүнө талапкерлердин кесиптик жана жеке сапаттарынэске алуу сунушталат.** Шайлоо комиссияларынын резервине киргизилген адамдардын кесиптик жана жеке сапаттарынын сунушталган болжолдуу тизмеги.

Участкалык шайлоо комиссияларынынкурамы түзүлгөндөн кийин АШК алардын жайгашкан жерин ЖМКларда жарыялайт жана УШКнын даректери жана телефон номерлери жөнүндө калкка маалымдар кылат.

## 3.2. Шайлоочулардын тизмелери

*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 12, 13-беренелери менен жөнгө салынат)*

**АШК шайлоочулардын тизмелерин түзүү, жаңыртуу жана тактоо боюнча ишке контролдукту жүргүзөт жана жалпы таанышуу жана көрүү үчүн шайлоочулардын тизмесинин берилишин контролдойт**.

Шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ болгон, **жергиликтүү жамааттын мүчөсү** болуп саналган жана «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте **биометрикалык каттоодон өткөн** Кыргыз Республикасынын бардык жарандары киргизилет.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо шайлоочулардын тизмесин түзүүдө «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык шайлоочулардын тизмесинен төмөнкүлөр чыгарылат**:**

- шайлоо өткөрүлүп жаткан тийиштүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында жайгашкан аскердик бөлүктөрдүн мөөнөттүү кызматынын аскер кызматчылары,
- өзүнүн туруктуу жашаган жеринен тышкары альтернативалуу кызмат өтөп жаткан адамдар,
- тийиштүү жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналбаган окутуунун күндүзгү формасынын студенттери жана аспиранттары.

Кылмыш жасоого шектүү жана айыпталуучу катары кайтаруудагы кармоо жерлеринде жүргөн КР жарандарышайлоо өткөрүлүп жаткан административдик-аймактын бирдигинин аймагында туруктуу жашаган жана аларды кайтаруудагы кармоо жери бул административдик-аймактын бирдигинин аймагында жайгашкан шартта камакта кармоо жайларында **добуш берүүгө укугу бар**.

Шайлоо өткөрүлүп жаткан тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөлөрү болуп саналган, 18 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жарандары жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо укугуна ээ.

*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 3-беренеси менен жөнгө салынат).*

**Шайлоочулардын тизмеси** –добуш берүү күнү активдүү шайлоо укугуна ээ Кыргыз Республикасынын жарандарынын КБМР негизинде электрондук жана кагаз түрүндө түзүлгөн тизмеси, ал даярдык деңгээлине жараша **<u>алдын ала, контролдук жана акыркы</u>** болуп бөлүнөт.

**МААНИЛҮҮ!**

Шайлоочулардын алдын ала тизмеси - добуш берүү күнүнө чейин 60 календарлык күн калгандагы абал боюнча шайлоочулардын тизмеси, мамлекеттик порталда жарыяланат, участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан жарандар өзүнүн маалыматтарын тактоосу үчүн илинет.

**АШК УШКнын ишин контролдойт,** ал тийиштүү шайлоо участкасынын аймагында жашаган шайлоочуларды тааныштыруу үчүн шайлоочулардын алдын-ала тизмесин <u>добуш берүү күнүнө чейин 50 календарлык күн мурда</u> илип коюуга милдеттүү (№ 22 форма).

**АШК** ар бир шайлоочу кандай гана болбосун ката же так эместиктерди, ошондой эле өзүнүн шайлоочулардын тизмесинде жок экенин тапкан учурда, добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен, бышыктоочу документтердин көчүрмөлөрүн тиркөө менен тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылууга укуктуу экендиги жөнүндө участкалык шайлоо комиссиясына эскертет, мында шайлоочу биометрикалык идентификациялоодон өтөт.

АШК ушул арызды УШК аны шайлоочулардын тизмесине киргизүү, каталар же так эместиктерди оңдоо боюнча тийиштүү чараларды кабыл алуу АШКга, БШКнын системалык администраторуна токтоосуз берүүсүн контролдойт.

- ✓ **АШК** ар бир шайлоочу мыйзам менен белгиленген тартипте авторизациядан өтүү менен «Тизме» мамлекеттик порталда ***«шайлоочунун кабинети»*** кызмат көрсөтүүсү аркылуу электрондук түрдө арыз берүүгө укуктуу экендигин эскертет.

Тийиштүү шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоочунун арызына жооп арызды кабыл алган күндөн тартып 7 **<u>календарлык күндөн</u>** кечиктирбестен арыз берүүдө шайлоочу көрсөткөн дарек боюнча кагаз же электрондук билдирүү формасында жөнөтүлөт.

**АШК** шайлоочулардын таанышуусу үчүн добуш берүү күнүнө чейин 30 календарлык күн мурда УШК милдеттүү түрдө **шайлоочулардын контролдук тизмелерин** илүүсүн контролдойт (№ 23 Форма).

**МААНИЛҮҮ!**

**Шайлоочулардын контролдук тизмеси** – бул шайлоочулар жөнүндө актуалдуу маалыматты жана добуш берүү күнүнө чейин 35 календарлык күн мурда шайлоочулардын тизмесин тактоо мезгилде келип түшкөн шайлоочулардын арыздарынын негизинде жүргүзүлгөн өзгөртүүлөрдү

камтыган шайлоочулардын тизмеси, ал мамлекеттик порталда жарыяланат, добуш берүү күнүнө чейин 30 календарлык күн мурда шайлоо участкаларында илинет.

**АШК** добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күн калганда шайлоочулардын тизмесиндеги каталар жана так эместиктер, ошондой эле тизмеде жок экендиги жөнүндө шайлоочулардын арыздарын кабыл алуу токтотула тургандыгын участкалык шайлоо комиссияларына эскертет.

**Шайлоочулардын акыркы тизмеси** – бул шайлоочулардын такталган тизмеси, ага шайлоочулардын тизмесин тактоо мезгилде келип түшкөн шайлоочулардын арыздарынын негизинде бардык өзгөртүүлөр киргизилген, ал мамлекеттик порталда жарыяланат, добуш берүү күнүнө чейин **3 календарлык күн** мурда шайлоо участкаларында илинет.

Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин **5 календардык күн** калганда шайлоочулардын акыркы тизмесин басып чыгарып, аларды эки нускада номерлеп, боолоп жана Борбордук шайлоо комиссиясынын мөөрү менен ырастап тиешелүү участкалык шайлоо комиссияларына жиберет. Мында илүү үчүн дайындалган ар бир шайлоо участогу боюнча акыркы тизменин кагаз түрүндөгү экинчи нускасында акыркы тизмеге киргизилген шайлоочулардын жашаган жери жөнүндө маалымат камтылбашы керек.

**АШК** добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күн мурда тиешелүү шайлоо участогунда шайлоочуларынын акыркы тизмесинин кагаз түрүндөгү экинчи нускасын шайлоо участогунда илүүсүн контролдойт (№24, 24-1 форма).

Добуш берүү күнү шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулар гана добуш берүүгө укуктуу.

**МААНИЛҮҮ!**

АШК шайлоочулардын тизмелери менен иштөө мөөнөттөрү жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларына түшүндүрүү иштерин туруктуу негизде жүргүзүшү керек.

**АШК** ЖМКлараркылуу, шайлоочулар мененжолугушууларда шайлоочу мыйзам менен белгиленген тартипте авторизациядан өтүү менен «Тизме» мамлекеттик порталда **«*шайлоочунун кабинети*»** кызмат көрсөтүүсү аркылуу электрондук түрдө арыз берүүгө укуктуу экендигин маалымдайт.

## 3.3. Аялдар үчүн мандаттарды резервге калтырууну эске алуу менен, шайлоо округдарын жана шайлоо участкаларын түзүү

(*«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө»КР Мыйзамынын 10-беренесинин 4-бөлүгү менен жөнгө салынат)*

Шайлоо системасына жараша тийиштүү аймакта катталган шайлоочулардын саны жөнүндө маалыматтардын негизинде бирдиктүү шайлоо округдары жана көп мандаттуу шайлоо округдары түзүлөт.

Шайлоо округдарын түзүүдө төмөнкү талаптар сакталышы керек:

1) шайлоочулардын саны боюнча шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеминен 10 пайыздан ашпаган, ал эми жетүүгө кыйын жана алыскы жерлерде 15 пайыздан ашпаган жол

берилген орточо ченеминен четтөө менен шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу бирдейлиги;

2) **шайлоо округу** бирдиктүү аймакты түзөт, бири-бири менен өз ара чектешпеген аймактарда шайлоо округун түзүүгө жол берилбейт.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону пропорционалдуу система боюнча өткөрүүдө тийиштүү административдик-аймактык бирдиктин бүткүл аймагы бирдиктүү шайлоо округу болуп саналат.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча өткөрүүдө АШК ЖӨБО менен макулдашып Мыйзам менен белгиленген жоболорду эске алып ЖӨБОлардын өкүлдөрүнүн катышуусунда шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын добуш берүү күнүнө чейин 50 календарлык күндөн кечиктирбестен иштеп чыгат жана аны БШКга бекитүү үчүн киргизет.

**Шайлоо участкаларын түзүү**

*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КРМыйзамынын 10-беренесинин 4-бөлүгү менен жөнгө салынат)*

Добуш берүүнү өткөрүү жана шайлоочулардын добуштарын эсептөө үчүн шайлоочулар үчүн эң жогорку ыңгайлуулуктарды түзүү максатында жергиликтүү жана башка шарттарды эске алуу менен шайлоо участкалары түзүлөт.

Шайлоо участкалары ар бир участкада эреже катары 2500 шайлоочудан ашпаган эсебинен алганда 5 жыл мөөнөткө түзүлөт. Участкалардын чек араларына шайлоо округдарынын чек араларынын кесип өтүшүнө жол берилбейт.

Шайлоо участкаларынын чек араларын башкаруу БШК бекиткен тартиптин негизинде жүргүзүлөт. Шайлоо участкаларынын жана алардын чек араларынын тизмеси тактоого жатат.

**МААНИЛҮҮ!**

Жергиликтүү кеңештерге шайлоо боюнча шайлоо округдарынын чек араларынын схемалары жана чек аралары аялдар үчүн айылдык кеңешке ар бир шайлоо округу боюнча депутаттардын 30% дан кем эмес мандаттарын резервге калтырууну эске алуу менен өтөт

**Көп мандаттуу шайлоо округу**

*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 59- беренеси менен жөнгө салынат).*

Көп мандаттуу шайлоо округу–бир нече депутат шайланган шайлоо округу жана алардын ар бири үчүн шайлоочулар жеке добуш берет. Айылдык кеңештериндепутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн көп мандаттуу шайлоо округдары түзүлөт. Көп мандаттуу шайлоо округдарынын саны жана алардын ар бириндеги мандаттардын саны «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 10-беренесине ылайык АШК тарабынан аныкталат.

**Көп мандаттуу шайлоо округдары бир мандатка шайлоочулардын болжолдуу теңдештиги менен түзүлөт**.

| Мандаттардын саны | Калктын саны (адам) |
|---|---|
| 11 мандат | 6000 адамга чейин |

| | |
|---|---|
| 21 мандат | 6001ден 20000 адамга чейин |
| 31 мандат | 20001 адамдан ашык |

Буга Бишкек жана Ош шаарлары кирбейт, мында мандаттардын саны 45.

**МААНИЛҮҮ!**

Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө айылдык кеңештин ар бир шайлоо округу боюнча депутаттардын мандаттарынын 30 пайыздан кем эмеси аялдар үчүн резервге калтырылат.

Шайлоо округундагы резервге калтырылган мандаттардын саны тийиштүү шайлоо округундагы мандаттардын жалпы санынан көз каранды:

1) 2,3мандаттуу шайлоо округундарында 1 мандат резервге калтырылат;
2) 4,5,6мандаттуу шайлоо округундарында2 мандат резервге калтырылат;
3) 7,8,9,10мандаттуу шайлоо округундарында3 мандат резервге калтырылат;
4) 11,12,13мандаттуу шайлоо округундарында4 мандат резервге калтырылат;
5) 14,15,16мандаттуу шайлоо округундарында5 мандат резервге калтырылат.

Биринчи кезекте АШК ЖӨБО менен макулдашып шайлоо участкаларынын жана округдардын схемаларын жана чек араларын БШКнынкароосуна жана бекитүүсүнө сунуш киргизет.

АШК шайлоо участкаларынын схемалары жана чек аралары бекитилгенден кийин УШК курамын **түзүү жана бекитүү боюнча** ишти баштайт жана алардын жайгашкан ордун ЖМКга жарыялайт.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылуу,анын ичинде добуш берүү үчүн жайлардан мүмкүн болгон максималдуу пайдаланууну камсыз кылуу максатында, АШК социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тиешелүү аймактык бөлүмдөрү менен биргеликте ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын муктаждыктарынын картасын добуш берүү күнүнө чейин 60 календардык күндөн кечиктербестен түзөт. Муктаждыктарынын картасы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларга добуш берүүгө катышууга конкреттүү жардам көрсөтүү, ошондой эле шайлоо участкасында өзгөчө шарттарды түзүүгө муктаж болгондор үчүн колдонулат.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларды эсепке алуу үчүн социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ар бир жылдын 1-февралына жана 1-августуна карата абал боюнча көрсөтүлгөн шайлоочулардын айкын саны тууралуу маалыматты Борбордук шайлоо комиссиясына көрсөтүлгөн айдын 10-числосунан кечиктирбестен берет. Муктаждыктардын картасынын формасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет
(№ 25 форма).

АШК берилген маалыматтардын негизинде шайлоо участкалары боюнча муктаждыктардын райондук маалыматтык картасын түзөт, андан кийин аны УШКга өткөрүп берет.

**АШК** УШК тиешелүү шайлоо участогунун аймагында жашаган ден соолугунунмүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын муктаждыктарынын картасын добуш берүү күнүнө чейин **50 календардык күндөн кечиктирбестен** алгандан кийин добуш берүү үчүн жайлардын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын муктаждыктарына шайкеш келүүсүнө жана маалыматтык материалдардын жайгашуусунун

жеткиликтүүлүгүнө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана майыптуулугу бар адамдардынкоомдук уюмдарынын өкүлдөрүн тартуу менен текшерүү жүргүзгөндүгүн **контролдоого милдеттүү.**

**АШК** эгерде добуш берүү үчүн жай ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларынын кирүүсү атайын шаймандар менен жабдылбаса, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен кабыл алуу кайрылуусун жиберет.

АШКнын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуусунан кийин алардын кызмат адамдары тиешелүү чараларды токтоосуз түрдө көрүүгө милдеттүү.

Шайлоо комиссиясынын кайрылуусун аткарбай коюу мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

АШК көрүүсү боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларды маалымдоо боюнча УШКнын ишин контролдоого милдеттүү:

- шайлоо участоктору шайлоо өнөктүгү (шайлоочулардын тизмесинде өзүн тактоо тартиби, добуш берүү убактысы жана орду, негизги шайлоо иш-аракеттери, түз байланыш телефондору) тууралуу аудиоформатта (санарип алып жүрүүчүлөрдө) маалыматтык материалдар менен жабдылууга тийиш;
- АШК\УШК маалыматтык материалдарды шайлоочулардын тиешелүү категорияларынын арасында өз алдынча да, ошондой эле социалдык коргоо органдарын, социалдык тейлөө уюмдарын, майып адамдардын коомдук уюмдарын,азиз адамдар үчүн атайын китепканаларды, башка уюмдарды тартуу менен материалдарды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар тарабынан эң көп барылуучу жерлерге (социалдык өнүктүрүү органдары, социалдык тейлөө уюмдары, Социалдык фонддун бөлүмдөрү, бейтапканалар, дарыканалар, китепканалар, социалдык дүкөндөр ж.б.) жайгаштыруу менен таркатууга укуктуу.
- АШК\УШК ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларга шайлоочулар менен коомдук «түз байланыш линияларын», анын ичинде шайлоо комиссияларынын факсимилдик, уюлдук байланыш жана интернет-ресурстарды пайдалануу менен консультативдик, юридикалык жардам көрсөтүүгө укуктуу. Бул иш үчүн майыптуулугу менен адамдардын коомдук уюмдарынын өкүлдөрүн тартуу сунуш кылынат.

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын муктаждыктарын эске алуу менен** добуш берүү үчүн жайларды жабдуу боюнча:

- добуш берүү үчүн жайлардагы жабдуулар (столдор, добуш берүү үчүн кабиналар жана урналар), ошондой эле маалыматтак такталар коляскаларды колдонгон же өз алдынча ары-бери жүрүү кыйын болгон шайлоочулар үчүн алардын жеткилитүүлүгү камсыз кылынгандай жайгаштыруу керек;
- ары-бери жүрүү үчүн коляскаларды колдонгон таяныч-кыймыл аппаратынын функцияларынын бузуулусу бар шайлоочулар башка шайлоочулар менен катар эле добуш берген добуш берүүчү жайларда УШК шайлоочу шайлоо бюллетенин толтуруу жолу менен эрк билдирүүсүнө анын ыңгайын камсыз кылуу үчүн атайын кабинаны (бийиктиги 75 см ден ашык эмес атайын жабдылган орун) орнотууга милдеттүү;

– атайын жабдылган кабина жеатайын жабдылган орун шайлоо бюллетенин толтурууда добуш берүүчүнүн эрк билдирүүсүнүн жашырындуулугун камсыздоону эске алуу менен орнотулушу же даярдалышы керек.

### 3.4. Аймактык шайлоо комиссиясынын ишмердүүлүгү жана жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо

***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 17, 49, 53-беренелери менен жөнгө салынат).***

Саясий партиялар **добуш берүү күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен** аймактык шайлоо комиссияга жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого катышуу жөнүндө билдирүү беришет.

Аймактык шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого катышкан саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттагандан кийин саясий партия жана талапкерлердин тизмеси боюнча толук көлөмдө маалыматтарды киргизүү үчүн аларга **"Электрондук талапкер"** маалымат тутумуна эсепке алуу жазуусун берет.

Талапкерлердин киргизилген маалыматтары соттуулугу бар же жок экендиги, жарандыгы, билими ж.б. "Түндүк" ЭВӨАТ (Электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттешүү тутуму) аркылуу автоматтык түрдө текшерилет, бул талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн иштин зарыл бөлүгү болуп саналат.

Саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү талапкерлердин тизмесин кагаз сактагычта дагы, **"Электрондук талапкер"** маалымат тутумунда машинада окулуучу түрдө дагы бүт маалыматтары менен аймактык шайлоо комиссиясына берет.

**"Электрондук талапкер"** маалымат тутумунда машинада окулуучу түрдө берилген документтер аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан кагаз түрүндө берилген документтерге ылайык келүүсү жана иденттүүлүгү текшерилет.

Шардык кеңештерге депутаттыкка талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн АШКга саясий партиялар берүүчү зарыл документтердин **ТИЗМЕСИН** (№ 38 тиркеме):

1) партиянын аталышын көрсөтүү менен талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечимин;

2) талапкерлердин тизмесине киргизилген ар бир талапкердин аны талапкерлердин тизмесине киргизүүгө макулдугу жөнүндө арызы, өзү жөнүндөмаалыматтар менен атайын форманы (биографиялык жана башка маалыматтар);

3) паспортторунун көчүрмөлөрү, талапкерлердин иштеген же окуган жеринен маалымкат;

4) шайлоо күрөөсүн киргизгендигин тастыктаган документти;

5) документтер:

– башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө;
– соттуулугунун жоктугу же болбосо негизинде талапкер соттолгон Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин беренесинин (беренелеринин), чет мамлекеттин мыйзамынын беренесинин (беренелеринин) номерин (номерлерин) жана аталышын (аталыштарын) көрсөтүү менен мурда болгон, учурдагы соттуулугу жөнүндө, эгерде талапкер учурдагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси менен кылмыш деп таанылган жосундар үчүн көрсөтүлгөн мыйзам актыларына ылайык соттолсо;

6) ар бир талапкер тарабынан мыйзамда белгиленген формада толтурулган жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугу.

**МААНИЛҮҮ!**

Өзүн көрсөтүү жөнүндө арызды өз алдынча жазуу, башка документтерди толтуруу мүмкүнчүлүгү болбогон ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү талапкер көрсөтүлгөн учурда, аталган адам бул үчүн башка адамдын жардамын пайдаланууга укуктуу. Мында, каттоо документтерин толтурууга жардам берген адамдын ыйгарым укугу нотариалдык жактан күбөлөндүрүлүүгө же болбосо жетекчинин кол тамгасы жана саясий партиянын мөөрү менен тастыкталууга тийиш.

**АШК (Жумушчу топ) бардык документтердин болушун жана алардын туура таризделишин документтер кабыл алынган күндөн тартып 10 календардык күн ичинде текшерет**.

Талапкерди каттоо үчүн тоскоолдук болуп саналган документтерде ылайык келбөөчүлүктү тапса, жумушчу топ документтерди алгандан кийин 24 саат ичинде **талапкерди бул ылайык келбөөчүлүктөр тууралуу маалымдоого милдеттүү.** Талапкер маалымдоо алынган учурдан тартып 48 саат ичинде зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана оңдолгон документтерди АШКга берүүгө укуктуу.

АШК талапкерлердин тизмесин, талапкерлерди **каттоо жөнүндө чечим** же мындан баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечим кабыл алат. Чечимдин көчүрмөсүн БШКга жиберет.

**Шаардык кеңештердин** депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоо шайлоо өткөрүү күнүнө чейин **30 календардык күн мурда, айылдык кеңештердики - шайлоо өткөрүү күнүнө чейин 20 календардык күн мурда аяктайт.**

**МААНИЛҮҮ!**

АШК талапкерлерди каттоо мөөнөтү бүткөн күндөн тартып 5 календардык күн ичинде депутаттыкка катталган талапкерлер жөнүндө маалыматтарды талапкерлердин фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган жылын, ээлеген кызматын (ишинин түрүн), жашаган жерин көрсөтүү менен басма сөзгө жарыялайт.

### Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фонду

***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 55-беренеси менен жөнгө салынат).***

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн жеке **шайлоо фонддорун** түзөт.

Бишкек, Ош шаардык кеңештерине талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фонддорун **төмөнкүдөй акча каражаттарынын эсебинен** түзүлөт:

- талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердик өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;
- саясий партиянын өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 5000 эседен ашышы мүмкүн эмес;
- жеке жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;
- юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 3000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен саясий партиянын чыгымдарынын чектик суммасы эсептик көрсөткүчтөн **150000 эседен** ашышы мүмкүн эмес.

Бишкек жана Ош шаарларын кошпогондо, шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин

көрсөткөн саясий партиялардын шайлоо фондулары төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлөт:

- талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердик өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес;
- саясий партиянын өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 5000 эседен ашышы мүмкүн эмес;
- жеке жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;
- юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 2000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен саясий партиянын чыгымдарынын чектик суммасы эсептик көрсөткүчтөн **50000 эседен** ашышы мүмкүн эмес.

**Шайлоо күрөөсү**

***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 50-беренеси менен жөнгө салынат)***

**Шайлоо күрөөсү** – бул, талапкердин аны мамлекеттик шайлануучу кызматка көрсөтүүдө салынуучу акчанын суммасы.

**МААНИЛҮҮ!**

**Шайлоо күрөөсү** төмөнкүдөй өлчөмдө белгиленет:

Бишкек жана Ош шаардык кеңештерине–мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн беш жүз эсе өлчөмүндө;

2) Бишкек жана Ош шаарларын кошпогондо, шаардык кеңештерге, - мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн эки жүз эсе өлчөмүндө;

3) айылдык кеңештерге - мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн он эсе өлчөмүндө.

**Шайлоо күрөөсү** депутаттыкка талапкерлерге, депутаттыкка талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга кайтарылып берилет:

- шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирбестен аймактык шайлоо комиссиясына өзүнүн фондун түзүүнүн булактарын, ошондой эле жүргүзүлгөн бардык сарптоолорунун өлчөмү жөнүндө отчетту берген шартта, добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 15 пайыздан кем эмесинин добушун алса;
- эгерде УШК талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу чечимин кабыл алса;
- шайлоо бюллетенинин тексти жана формасы бекитилгенге чейин шайлоого андан ары катышуудан баш тарткандарга.

Күрөөнүн калган суммасы бюджетке чегерилүүгө тийиш. Талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо күрөөлөрүнөн келип түшкөн каражаттарынын суммасы жана бюджетке чегерилген сумма тууралуу маалымат БШКнын расмий сайтында жарыялануууга тийиш.

**АШК** документтер кабыл алынган күндөн тартып **10 календардык күн ичиндe**талапкерлердин тизмесин көрсөтүү тартибин тиешелүү талаптарга ылайыктыгын **текшерет жана** талапкерлердин тизмесин **каттоо чечимин кабыл алат** же болбосо мындан **баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим** чыгарат. Көрсөтүлгөн текшерүү анын ичинде мыйзамда белгиленген **электрондук өз ара аракеттенүү системасын(СМЭВ «Түндүк»)**

**колдонуу менен** жүзөгө ашырылууда.

Мында, АШК документтерден талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн тоскоолдук болуп саналган ылайык келбөөчүлүктү тапса, документтер алынгандан кийин **24 сааттын ичинде** АШК бул ылайык келбөөчүлүктөр жөнүндө саясий партияга **маалымдоого милдеттүү**.

Саясий партия **маалымдоо алынган учурдан тартып 48 сааттын ичинде** зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана оңдолгон документтерин АШКга берүүгө укуктуу.

Бир эле адамды талапкерлердин бир тизмесинен ашык каттоого жол берилбейт.

**МААНИЛҮҮ!**

Талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алган учурда, **АШК** баш тартуунун негиздерин баяндоо менен шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн саясий партиянын, шайлоо комиссияларындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө чечим кабыл алынган учурдан тартып бир сутканын ичинде **берүүгөмилдеттүү**.

Эгерде АШК талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн саясий партиялар тарабынан анык эмес маалыматтар берилген фактыларды аныктаса жана тапса, анда бул шайлоо процессинин кайсы болбосун стадиясында каттоонун жокко чыгарылышына алып келет.

**Талапкерлердин тизмесин каттоодо төмөнкүлөр баш тартуунун негизи боло алат:**

- ✓ талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн Мыйзамга ылайык зарыл болгон документтерди бербөө, ошондой эле көрсөтүүнүн Мыйзам менен каралган тартибин сактабоо;
- ✓ талапкерде же талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;
- ✓ ушул шайлоодо талапкерди башка партиянын тизмесинде катталгандыгынын фактысынын бар экендиги;
- ✓ саясий партиянын өзүнүн шайлоо фондун түзбөгөндүгү;
- ✓ талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына таандыктыгынын же болбосо анда Кыргыз Республикасынын жарандыгынын жоктугу;
- ✓ талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын катталгандыгынын фактысын **шайлоолорду дайындоо датасына чейин 6 айдан кем эмес мөөнөттө** белгилөө.

Эгерде саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү каттоо үчүн зарыл болгон бардык документтерди бербесе, бирок аларды каттоо мөөнөтү аяктаганга чейин кошумча берсе, **АШК** талапкерлердин тизмесин **каттоого милдеттүү**.

Талапкерлердин тизмесине киргизилген айрым талапкерлерге карата каралган каттоодон баш тартуу үчүн негиздердин болушу аларды ырасталган талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу үчүн гана негиз болуп кызмат кылышы мүмкүн.

АШКнын талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечими БШКга же сотко даттанылышы мүмкүн экендигин эске алгыла.

**МААНИЛҮҮ!**

АШК талапкерлердин тизмесин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып **5календардык күндүн** ичинде саясий партиялардын аталыштарын, ошондой эле саясий партиялардан талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлердин аты-жөнүн, туулган жылын, ээлеген кызматын (ишинин түрүн), жашаган жерин көрсөтүү менен талапкерлердин тизмесинин катталгандыгы жөнүндө билдирүүнү басма сөздө жарыялайт.

**АШК**талапкерлердин тизмеси катталган күндөн тартып **2 календардык күндүн** ичинде талапкерлерге каттоо датасын көрсөтүү менен талапкердин тиешелүү ырастамасын **берет** (№ 10 форма).

**Шайлоого катышуудан баш тартуу, талапкерлердин тизмесин чакыртып алуу жана талапкерлердин тизмесинен чыгаруу**

***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 54-беренеси менен жөнгө салынат)***

Талапкерлердин тизмесинде турган талапкер ар кандай убакта, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 күн калгандан кечиктирбестен АШКда бул жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз берүү менен шайлоого андан ары катышуудан баш тартууга укуктуу.

Шайлоого андан ары катышуудан баш тартуу жөнүндө арыз талапкер **жеке өзү** жазуу жүзүндө берүүгө тийиш. Талапкердин арызды жеке өзү берүү мүмкүнчүлүгү болбогон учурда, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү **талапкердин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн арызын** АШКга берет.

АШК аны талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу чечимин кабыл алат. Шайлоого андан ары катышуудан баш тартуу жөнүндө арыз аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан аны талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу чечимин кабыл алууга чейин чакыртып алынышы мүмкүн.

Саясий партия ар кандай убакта, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен талапкерлердин тизмесин чакыртып алууга жана шайлоого катышуудан баш тартууга же болбосо АШКда жазуу жүзүндөгү тиешелүү арыз берүү менен талапкерди (талапкерлерди) тизмеден чыгарып салууга укуктуу.

Бул учурда талапкерлердин тизмесин каттаган **АШК** тиешелүүлүгүнө жараша **төмөнкү чечимдерди кабыл алууга милдеттүү**:

1) талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө;

2) талапкерди (талапкерлерди) талапкерлердин тиешелүү тизмесинен алып салуу жөнүндө.

Бул учурларда, талапкерди талапкерлердин тизмесине жайгаштыруу кезеги өзгөрүлөт.**Мында, талапкерлердин тизмесинен алынып салынган талапкердин ордуна талапкерлердин тизмесине аны менен бир жыныстагы талапкер киргизилет.**

Шайлоо бюллетендери даярдалгандан кийин **талапкерлердин тизмеси чыгып калган учурда** (саясий партиянын шайлоого катышуудан баш тартуусу) **УШК же АШК тиешелүү саясий партия жөнүндө маалыматтарды шайлоо бюллетендеринен сызып салат.**

Сызып салуу саясий партия жөнүндө бардык жазуулардын сабы боюнча шарик калеми менен гана сызылуучу түз сызык менен жүргүзүлөт. Мында, сызык саясий партиялар жөнүндө маалыматтардын сабынын каршысындагы бош квадратты камтууга тийиш.

### Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү

*(Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамнын 53-беренеси менен жөнгө салынат)*

Айылдык кеңештердин депуттарын шайлоо өткөрүү үчүн көп мандаттуу шайлоо округдары түзүлөт.

АШК көп мандаттуу шайлоо округдарынын санын жана алардын ар бириндеги мандаттардын санын Мыйзамга ылайык аныктайт.

Көп мандаттуу шайлоо округдар бир мандатка шайлоочулардын болжолдуу бирдейлиги менен түзүлөт.

Талапкердин **айылдык кеңештин** депутаттыгына **өзүн-өзү көрсөтүү** тартибинде көрсөтүүсү талапкер катары өз талапкерлигин көрсөтүү ниети жөнүндө **АШКга арызын берүү аркылуу** жүргүзүлөт.

Аймактык шайлоо комиссиялары талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттагандан кийин талапкердин маалыматтарын **"Электрондук талапкер"** маалымат тутумуна киргизүү үчүн ал өкүлдөргө же талапкерлердин өздөрүнө эсепке алуу жазуусун берет.

Талапкердин киргизилген маалыматтары соттуулугу бар же жок экендиги, жарандыгы, билими ж.б. "Түндүк" ЭВӨАТ (Электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттешүү тутуму)

аркылуу автоматтык түрдө текшерилет, бул талапкерди каттоо үчүн иштин зарыл бөлүгү болуп саналат.

Аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлердин **“Электрондук талапкер”** маалымат тутумуна киргизилген маалыматтарынын аймактык шайлоо комиссиясына кагаз түрүндө берилген документтерге ылайык келүүсүн текшерет.

**Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо**
*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 60-беренеси менен жөнгө салынат)*

Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо үчүн талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү добуш берүү күнүнө 30 календардык күн калгандан кечиктирбестен АШКга төмөнкүлөрдү берет:

партиянын (мажоритардык система боюнча саясий партия тарабынан талапкер көрсөтүлгөн учурда) аталышын көрсөтүү менен саясий партиянын талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө чечимин (6, 6-1 Форма), же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү жөнүндө арызын(5 Форма).

1) өзү жөнүндө маалыматтары (биографиялык жана башка маалыматтар) менен талапкер тарабынан толтурулган атайын форманы (11Форма);

2) талапкердин паспортунун көчүрмөсүн;

3) шайлоо күрөөсүн киргизгендигин тастыктаган документ,

4) документ:

- башка мамлекеттин жарандыгынын жоктугу тууралуу;
- соттуулугу жоктугу же кайсыл бир убакта болгон соттуулугу жөнүндө жана талапкерди соттоого негиз болгон Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин беренесинин (беренелеринин) номерин (номерлерин) жана аталышын (аталыштарын) көрсөтүү менен болгон соттуулугу, эгерде талапкер көрсөтүлгөн мыйзам актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын колдонуудагы жазык мыйзамдарында кылмыш деп таанылган жосун үчүн соттолсо, чет мамлекеттин мыйзамынын беренесинин (беренелеринин) негизинде соттуулугу жөнүндө маалыматтар;

5) мыйзамда белгиленген формада жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга ар бир **талапкер тарабынантолтурулган макулдугу** (11 Форма).

**МААНИЛҮҮ!**

Ушул Мыйзамда каралган өзүн көрсөтүү жөнүндө арызды өз алдынча жазуу, башка документтерди толтуруу мүмкүнчүлүгү болбогон **ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү** талапкер көрсөтүлгөн учурда, аталган адам бул үчүн башка адамдын жардамын пайдаланууга укуктуу. Мында, каттоо документтерин толтурууга жардам берген адамдын ыйгарым укугу нотариалдык жактан күбөлөндүрүлүүгө же болбосо жетекчинин кол тамгасы жана саясий партиянын мөөрү менен тастыкталууга тийиш

**АШК (Жумушчу топ)** документтерди берген талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнө ушул документтерди алгандыгынын жазуу жүзүндөгү тастыктамасын **берүүгө милдеттүү** (28 Тиркеме).

**АШК (Жумушчу топ)** **<u>документтер кабыл алган күндөн тартып 10 календардык күн ичинде</u>** **көрсөтүлгөн талаптарга** талапкерлердин көрсөтүү тартибине ылайык келишин текшерет жанаталапкерлерди каттоо жөнүндө чечим же болбосо мыйзам менен бекитилген **ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасынын (СВЭМ) колдонуу менен** каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөөлөштүрүлгөн чечим кабыл алат.

Мында, АШК документтерден талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн тоскоолдук болуп саналган ылайык келбөөчүлүктү тапса, документтер алынгандан кийин **24 сааттын ичинде** АШК бул ылайык келбөөчүлүктөр жөнүндө саясий партияга **маалымдоого милдеттүү**.

Талапкер **маалымдоо алынган учурдан тартып 48 сааттын ичинде** зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана оңдолгон документтерин АШКга берүүгө укуктуу

Талапкерди каттоодон баш тартуу тууралуу чечим кабыл алган учурда, **АШК** аны кабыл алган учурдан тартып **24 саатын ичинде** талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнө каттоодон баш тартуунун негиздерин баяндоо менен АШКнын чечиминин көчүрмөсүн **берүүгөмилдеттүү**.

Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерди каттоо үчүн анык эмес маалыматтар берилген фактылары белгиленсе, аныкталса шайлоо процессинин кайсы болбосун стадиясында каттоонун жокко чыгарылышына алып келет.

**Талапкерди каттоодо төмөнкүлөр баш тартуунун негизи боло алат:**

- ✓ талапкерди каттоо үчүн Мыйзамга ылайык зарыл болгон документтерди бербөө, ошондой эле көрсөтүүнүн Мыйзам менен каралган тартибин сактабоо;
- ✓ талапкерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;
- ✓ ушул шайлоодо талапкерди башка шайлоо округунда катталгандыгынын фактысынын бар экендиги;
- ✓ талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына таандыктыгынын же болбосо анда Кыргыз Республикасынын жарандыгынын жоктугу;

АШКнын талапкерлерди каттоодон баш тартуу жөнүндө чечими БШКда же сотто даттанылышы мүмкүн.

**МААНИЛҮҮ!**

Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо **добуш берген күнгө чейин 20 календардык күн калганда** бүтөт.

АШК **талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып 5 календардык күндүн ичинде** талапкерлердин аты-жөнүн, туулган жылын, ээлеген кызматын (ишинин түрүн), жашаган жерин көрсөтүү менен депутаттыкка катталган талапкерлер тууралуу маалыматтарды басма сөздө жарыялайт.

АШК **талапкерлерди каттоо күнүнөн тартып 2 календардык күндүн ичинде** талапкерлерге аны каттоонун датасын көрсөтүү менен талапкердин тиешелүү ырастамасын берет (10 Форма).

### Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкердин шайлоо фонду
***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренеси менен жөнгө салынат)***

1. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлер өзүн өзү көрсөткөн учурдан тартып, ошондой эле саясий партиялар талапкерлерди көрсөткөн учурдан тартып, шайлоо кампаниясын финансылоо үчүн **шайлоо фонддорун** түзөт («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренеси)
2. **Шайлоо фонддору** төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин өз каражаттарынын, алар эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес;
- саясий партия тарабынан бөлүнгөн каражаттарынын, алар эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;
- жеке жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын ар бири эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес;
- юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен талапкердин чыгымдарынын чектелген суммасы эсептик көрсөткүчтөн **5000 эседен** ашышы мүмкүн эмес**.**

Шайлоого катышуудан баш тартуу, талапкерлердин тизмесин чакыртып алуу жана талапкерлердин тизмесинен чыгаруу

### 3.5. Шайлоо комиссияларында талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын жана өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын өз ара аракеттенүүсү

***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18, 21,22-беренелери менен жөнгө салынат)***




Талапкерлер, саясий партиялар **ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү** дайындайт, алар төмөнкүлөр боюнча тиешелүү талапкерлерге, саясий партияларга өкүл болот:

- шайлоого катышууга байланышкан маселелер,
- анын ичинде каржылык маселелер боюнча.

**Төмөнкүлөр ыйгарым укуктуу өкүл <u>боло алышпайт:</u>**

Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары,

- Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер,
- саясий, атайын мамлекеттик кызматтарды жана саясий муниципалдык кызматтарды ээлеген адамдар,
- мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлер,
- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, соттор,
- укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери,
- диний ишмерлер, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар.

АШК зарыл документтер келип түшкөн күндөн **<u>тартып 3 календардык күндүн ичинде</u>** Мыйзамга ылайык ыйгарым укуктуу өкүлдөргө каттоо күбөлүктөрүн берет же болбосо каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечимди кабыл алат.

Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо комиссиясы ыйгарым укуктуу өкүлдөргө формасы АШКнын журналында болгон каттоо күбөлүктөрүн бергенден кийин дайындалды деп эсептелинет, ыйгарым укуктуу өкүлдүн укуктарына жана милдеттерине

ээ болот (3-1 форма).

**Ыйгарым укуктуу өкүл:**

- ✓ талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн документтерди АШКга берет;
- ✓ каттоого документтерди кабыл алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү ырастоону (маалымкатты) шайлоо комиссиясынан алат;
- ✓ шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзөт, үгүт материалдарын таратат;
- ✓ талапкерлерге, саясий партияларга обо убактысын берүүнүн тартибин аныктоодо шайлоо комиссиялары тарабынан жүргүзүлүүчү чүчү кулактарга катышууга укуктуу;
- ✓ ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү дайындаган талапкерге, саясий партияга тиешеси бар маселелер боюнча шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга укуктуу;
- ✓ талапкердин, саясий партиянын тапшыруусу боюнча башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**АШК** бардык зарыл болгон документтерди берген **ыйгарым укуктуу өкүлгө** бул документтерди алгандыгынын жазуу түрүндөгү тастыктоосун **берүүгө милдеттүү**

**Талапкерлердин, саясий партиялардын ишенимдүү адамдары**
***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренеси менен жөнгө салынат)***

Талапкер, саясий партиялар өзүлөрүнүн өкүлдөрүн дайындоого укуктуу.

**АШК** талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттаган ишенимдүү адамдарды талапкердин арызынын, саясий партиянын жазуу жүзүндөгү сунуштамасынын жана ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө жарандын өзүнүн арызынын негизинде токтоосуз түрдө **каттайт**. Шайлоо комиссиясы ишенимдүү адамга Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берет(27 Тиркеме).

Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Өкмөт мүчөлөрү, Президенттин, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн аппараттарынын кызматкерлери, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары,шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, аскер кызматкерлери, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар **ишенимдүү адамдар боло алышпайт**. Ишенимдүү адамдар өздөрүнө талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген ыйгарым укуктардын чектеринде аракеттенет.

**Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоого көмөктөшүүчү үгүт жана башка иштин ар кандай мыйзам менен жол берилген түрлөрүндө жана мыйзамдуу усулдары менен жүзөгө ашырууга, алардын шайлоо алдындагы программаларын сунуштоого;

2) шайлоо алдындагы чогулуштарда, шайлоочулар менен жолугушууларда чыгып сүйлөөдө, шайлоо алдындагы дебаттар менен дискуссияларга катышууга;

3) шайлоо алдындагы чогулуштарды жана шайлоочулар менен чогулуштарды өткөрүүдө мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан зарыл жардам алууга;

4) шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга;

5) добуш берүүнү өткөрүүдө, шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөдө, шайлоо участкаларында болууга;

6) шайлоо комиссияларынын документтери, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө, шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдор менен таанышууга;

7) шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууга жана даттануулар менен арыздарды кароого катышууга.

**Шайлоо комиссияларында талапкердин, саясий партиялардын өкүлүнүн макамы**

**Шайлоо комиссияларындагы өкүл төмөнкүлөргө укуксуз:**

1) шайлоо комиссиясы тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөргө катышууга;

2) түшүндүрмө жана көрсөтмө берүүгө, шайлоо комиссиясынын атынан билдирүү жасоого;

3) добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорду түзүүгө;

4) шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарына таандык кылынган чечимдерди кабыл алууда добуш берүүгө катышууга;

5) шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана протоколдоруна кол коюуга.

Катталган талапкер, талапкерлердин тизмесин каттаган саясий партия тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарына, шайлоонун натыйжаларына даттанылган учурда шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары даттануунун маңызы боюнча сот тарабынан биротоло чечим чыгарылгандан кийин токтотулат.

**Аймактык шайлоо комиссиясы жана байкоочу**

***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө»Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 8, 8-1-беренелери менен жөнгө салынат)***

Байкоочу аны дайындаган уюмдан жолдомо АШКга келип түшкөндөн кийин байкоочунун укуктарына жана милдеттерине ээ болот. Жолдомодо байкоочунун аты-жөнү, туруктуу жашаган жери, ал жөнөтүлгөн шайлоо участкаларынын номерлери, шайлоо комиссияларынын аталыштары көрсөтүлөт, ошондой эле Мыйзам менен каралган чектөөлөр анда жок экендиги жөнүндө жазуу жүргүзүлөт.

Жолдомо талапкердин кол тамгасы же саясий партиянын мөөрү бар болсо жана паспортун же анын ордун алмаштыруучу документин көрсөткөндө жарактуу болуп саналат.

Активдүү шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын жараны байкоочу болууга укуктуу.

| | |
|---|---|
| **Төмөнкүлөр байкоочу <u>болууга укуксуз</u>** | • Жогорку Кеңештин депутаты,<br>• жергиликтүү кеңештин депутаты,<br>• Жогорку Кеңештин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер,<br>• саясий, атайын мамлекеттик кызматтарды жана саясий муниципалдык кызматтарды ээлеген адамдар,<br>• мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлер,<br>• шайлоо комиссиясынын мүчөсү,<br>• катталган талапкердин, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиянын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын ишенимдүү адамдары, шайлоо комиссияларындагы алардын өкүлдөрү,<br>• судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, аскер кызматындагылар. |
| **Байкоочу төмөнкүлөргө укуктуу:** | • кайсы гана деңгээлдеги болбосун шайлоо комиссиясынын курамын түзүү үчүн байкоону жүзөгө ашырууга;<br>• шайлоочулардын тизмелерин түзүү үчүн байкоону жүзөгө ашырууга; |

| | |
|---|---|
| | • шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшү үчүн байкоону жүзөгө ашырууга;<br>• шайлоону маалыматтык камсыз кылуу үчүн байкоону жүзөгө ашырууга;<br>• шайлоо комиссиясында болгон шайлоочулардын тизмелери, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга;<br>• добуш берүү күнү сутканын ар кандай убагында добуш берүү үчүн жайда болууга;<br>• добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде шайлоочулар добуш бергенде;<br>• шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өзүнүн пикирин баяндоого, билдирүү жасоого;<br>• ары-бери эркин жүрүүгө жана кайсы гана шайлоо участкалары жана шайлоо комиссиялары болбосун катышууга;<br>• добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузбастан добуш берүүнү уюштуруунун жана добуш берүүнүн тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендерин берүүгө; шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөнү байкоого;<br>• шайлоо бюллетендеринин мазмунун көрүүнү камсыз кылган аралыкта жана шарттарда шайлоочулардын добуштарын эсептөөнү байкоого;<br>• шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө ар кандай толтурулган же толтурулбаган шайлоо бюллетени менен таанышууга;<br>• шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун жана башка шайлоо документтердин түзүшүн байкоого;<br>• АШК/УШКнын төрагасынадобуш берүүнү уюштуруу маселелери боюнча сын-пикирлер жана сунуштар менен кайрылууга;<br>• өзү жөнөтүлгөн шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга;<br>• протоколдордун жана ага тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн шайлоо комиссиясынан алууга;<br>• өзү жөнөтүлгөн шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракетине (аракетсиздигине) даттанууга;<br>• шайлоочулардын добуштарын кайтадан саноого катышууга;<br>• шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү аны шайлоо комиссиясына жөнөткөн уюмдун аталышы бар төш белгисин тагынып жүрүүгө;<br>• шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жашыруундуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууга жолтоо болбостон фото-, көрмөтартууну, үн жазууну жүзөгө ашырууга. |
| **Байкоочу төмөнкүлөргө укуксуз:** | • шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө;<br>• шайлоо бюллетендерин алууда шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга;<br>• шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;<br>• добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого;<br>• шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга;<br>• шайлоо комиссиясынын ишине жолтоо болгон аракеттерди жасоого;<br>• шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө; |

| | |
|---|---|
| | • АШК/УШК тарабынан чечимдерди кабыл алууга катышууга. |

**Международный наблюдатель**

- ✓ Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин эл аралык байкоочулар Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (мындан ары - Президент, Жогорку Кеңеш, Өкмөт), Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы жиберген чакыруу болгондо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредиттелет. Чакырууларды жөнөтүү жөнүндө сунуштарды шайлоо мыйзамдары жана шайлоо маселелери боюнча, ошондой эле адам укуктарын коргоо жаатында адистешкен эл аралык жана улуттук коммерциялык эмес уюмдар тарабынан берилиши мүмкүн.
- ✓ Эл аралык байкоочунун ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредиттелген күндөн тартып башталат жана шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күнү аяктайт.
- ✓ Эл аралык байкоочулар эркин ары-бери жүрүүгө жана бардык шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларынын жыйналыштарында болууга укуктуу.
- ✓ Борбордук шайлоо комиссиясы алар ушул Мыйзамды, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган учурда эл аралык байкоочунун аккредитациясын чакыртып алууга укуктуу.
- ✓ Эл аралык байкоочулардын иши шайлоо мыйзамдары менен жөнгө салынат.

| | |
|---|---|
| **Эл аралык байкоочулар төмөнкүлөргө укуктуу:** | • шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө өз пикирин көпчүлүк алдында баяндоого;<br>• пресс-конференцияларды өткөрүүгө жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө кайрылууга;<br>• шайлоочулардын добуштарынын жашыруундулугун бузбастан фото- жана көрмөтартууларды, үн жазууну жүзөгө ашырууга;<br>• шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган, өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү, өзү өкүл болгон уюмдун аталышы бар төш белгисин тагынып жүрүүгө;<br>• кайсы гана деңгээлдеги болбосун шайлоо комиссиясынын курамын түзүү үчүн байкоо жүргүзүүгө;<br>• шайлоочулардын тизмелерин түзүүнүн жүрүшүнө байкоону жүзөгө ашырууга;<br>• шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоону жүзөгө ашырууга;<br>• шайлоону маалыматтык камсыз кылынышына байкоо жүргүзүүгө.. |
| **Эл аралык байкоочулар төмөнкүлөргө укуксуз:** | • өзүнүн статусун шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо менен байланышпаган ишти жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланууга укугу жок |

**Коомдук байкоочулар**

Коммерциялык эмес уюмдар өздөрүнүн уставдарында белгиленген тартипте шайлоого байкоо жүргүзүү жана өзүнүн коомдук байкоочуларын жиберүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

Шайлоого байкоо жүргүзүүнү ниеттенген коммерциялык эмес уюм коммерциялык эмес уюмду мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсүн тиркөө менен БШКга, АШКга билдирме жөнөтөт. БШК жана **АШК шайлоолорго жарандык мониторинг жүргүзүү ниетин билдирген коммерциялык эмес уюмдардын тизмегин УШКга жөнөтөт.**

Коомдук байкоочулар документтерди көрсөткөндөн кийин тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан **катталат**. Шайлоо комиссияларында коомдук байкоочуларды каттоонун шарттарын жана тартибин, аларды каттоо жөнүндө документтин формасын БШК белгилейт.

Коммерциялык эмес уюм ар бир шайлоо комиссияларына **үчтөн ашпаган** коомдук байкоочуну каттата алат. Мында бир шайлоо участогунда бир эле учурда бир коммерциялык эмес уюмдан **бир** коомдук байкоочу гана боло алат.

Төмөнкүлөр шайлоо комиссияларында коомдук байкоочу катары **дайындала албайт:**

- ✓ Жогорку Кеңештин депутаттары, жергиликтүү кеңештин депутаты,
- ✓ Жогорку Кеңештин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер,
- ✓ саясий, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлер,
- ✓ шайлоо комиссиясынын мүчөсү,
- ✓ талапкердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын өкүлдөрү жана байкоочулары,
- ✓ судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, аскер кызматчылары.

Коомдук байкоочунун ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал тиешелүү шайлоо комиссиясында катталган күндөн тартып башталат жана шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күнү аяктайт.

| | |
|---|---|
| **Коомдук байкоочулар төмөнкүлөргө укуктуу:** | • кандай гана болбосун деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамынын түзүлүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;<br>• шайлоочулардын тизмелерин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;<br>• шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;<br>• шайлоону маалыматтык камсыз кылууга байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;<br>• шайлоо комиссиясындагы шайлоочулардын тизмелери, добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга;<br>• сутканын кандай гана болбосун мезгилинде добуш берүү күнү добуш берүүчү жайда болууга;<br>• добуш берүүчү жайдан тышкары шайлоочулардын добуш берүүсүнө катышууга;<br>• шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өзүнүн пикирин баяндоого, билдирүү жасоого; |

| | |
|---|---|
| | • добуш берүүнүн жашырындуулугун бузбастан шайлоону уюштуруунун жана добуш берүүнүн ушул Мыйзамда белгиленген тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендерин берүүгө, шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, керектен чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө;<br>• шайлоо бюллетендеринин мазмунунун көрүнүп туруусун камсыз кылган аралыктан жана шарттарда шайлоочулардын добушун эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө;<br>• шайлоочулардын добушун эсептөөдө кандай гана болбосун толтурулган же толтурулбаган шайлоо бюллетендери менен таанышууга;<br>• добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколдун жана башка шайлоо документтеринин шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлүшүнө байкоо жүргүзүүгө;<br>• добуш берүүнү уюштуруунун маселелери боюнча сын-пикирлер жана сунуштар менен ал жиберилген УШКнын төрагасына кайрылууга;<br>• ал жиберилген шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга;<br>• шайлоо комиссиясынан протоколдордун көчүрмөлөрүн жана аларга тиркелген документтерди алууга;<br>• тиешелүү шайлоо комиссияларында шайлоочулардын добуштарын кайра эсептөөгө катышууга;<br>• шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган өзүнүн статусу, фамилиясы, аты жана атасынын аты, байкоочуну шайлоо комиссиясына жөнөткөн уюмдун аталышы бар төш белгисин тагынып жүрүүгө;<br>• шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жашырындуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жүрүшүнө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууга жолтоо болбостон шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган жерден фото-, көрмө тартууну, үн жазууну жүзөгө ашырууга;<br>• ал катталган шайлоо участокторунда эркин жүрүүгө жана болууга. |
| **Коомдук байкоочулар төмөнкүлөргө укуксуз:** | • шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө;<br>• шайлоо бюллетендерин алууда шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга;<br>• шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;<br>• добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого;<br>• шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга;<br>• шайлоо комиссиясынын ишине жолтоо болгон аракеттерди жасоого;<br>• шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө;<br>• тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан чечимдерди кабыл алууга катышууга. |

| | |
|---|---|
| | Тиешелүү шайлоо комиссиясы коомдук байкоочу Кыргыз Республикасынын мыйзамын бузган учурда аны каттоосун жокко чыгарууга укуктуу.<br>Коомдук байкоочулар өзүнүн статусун шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүү менен байланышпаган ишти жүргүзүү үчүн пайдаланууга укуксуз. |

### 3.6. Шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына маалымдоонун сакталышына жана шайлоо алдында үгүт жүргүзүлүшүнө контролдук кылуу боюнча АШКнын иши

***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренеси менен жөнгө салынат)***

Шайлоо процессинин катышуучуларынын маалымдалышын камсыз кылуу үчүн төмөнкүлөр кабыл алынган:

1. «маалымдоо» жана «шайлоо алдындагы үгүт» түшүнүктөрүн так бөлүштүрүү. Шайлоо алдындагы үгүттүн жүрүшүндө АШК талапкерлердин биргелешкен иш-чараларына көңүл буруусу зарыл («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесинин 3,9-пункту);
2. АШК/УШК тарабынан жарыяланууга тийиш болгон маалыматтык материалдардын тизмеги көрсөтүлгөн, катталган талапкерлер жана алардын программалары жөнүндө, талапкердин жана саясий партиянын шайлоо фондусуна каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы тууралуу, талапкерлердин жана саясий партиялардын финансылык отчеттору жөнүндө кошумча маалыматтар менен толукталган («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22, 42-беренелери);
3. Талапкерлер жана саясий партиялар талапкер же саясий партия өзүнүн шайлоо алдындагы программасын **катталган күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен** аларды кийинчерээк **электрондук түрдө** жарыялоонун көчүрмөсүн берүү менен милдеттүү түрдө жарыялоо жөнүндө ченем киргизилген («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин 2-2-пункту);
4. Талапкерлердин жана катталган тизмеден талапкерлердин биргелешкен үгүт иш-чараларына **жеке катышуусу** тууралуу ченем белгиленген («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесинин 3-пункту).

**МААНИЛҮҮ!**

Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлер, Жогорку Кеңештин депутаттарын кошпогондо, мамлекеттик саясий кызматтарды жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кошпогондо, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызматтарды ээлеген адамдар, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, байкоочулар, эл аралык байкоочулар, диний ишмерлер, кайрымдуулук ишмердүүлүк менен алектенген уюштуруучулар жана уюмдардын мүчөлөрү, 18 жаш курагына жете электер, чет өлкөлүк жарандар жана уюмдар, жарандыгы жок адамдар **үгүттөө жүргүзүүгө**, кайсы болбосун үгүт материалдарын чыгарууга жана таркатууга **укуктары жок** .

Шайлоо алдында үгүт бардык талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат жана добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда токтотулат.

Кайра добуш берүүнү өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт иштери кайра добуш берүүнү дайындоо жөнүндө чечим кабыл алынган учурдан тартып кайрадан башталат жана кайра добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда токтотулат.

Мурда шайлоо комиссияларынын имараттарынан жана жайларынан тышкары жайгаштырылган басылма үгүт материалдары (баракчалар, плакаттар, билборддор жана башка материалдар) добуш берүү күнү мурдагы орундарында сакталат.

**Телекөрсөтүү жана радио боюнча шайлоо алдында үгүт жүргүзүү**
(*«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренеси менен жөнгө салынат*)

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик телерадио уюму бөлүп берген акысыз обо убактысынын жалпы көлөмү жумуш күндөрү бир сааттан кем болбоого тийиш. Көрсөтүлгөн акысыз обо убактысы катталган жана берүүгө келген талапкерлердин, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялардын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын ортосунда **бирдей негизде** бөлүштүрүлөт

Бөлүнгөн эфирдик убакыттын жалпы көлөмүнүн кеминде жарымы талапкерлерге, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга дебаттарды жана башка ушундай үгүт иш-чараларын биргелешип өткөрүү үчүн гана каралат. Акысыз эфирдик убакыттын ушул үлүшүн пайдаланууга бардык талапкерлерге, саясий партияларга **бирдей негиздерде** жол берилүүгө тийиш.

Телерадио берүү уюмдарынын каналдарындагы биргелешкен үгүт иш чараларына катталган талапкерлер **жеке өздөрү гана**, саясий партиялар - катталган талапкерлердин тизмесинен депутаттар аркылуу катыша атат. Биргелешкен үгүт иш-чараларына катышуудан баш тартуу биргелешкен үгүт иш чараларга катышуудан баш тарткан катталган талапкер, саясий партия үчүн берилген акысыз обо убактысынын өлчөмүн көбөйтүүгө алып келбейт.

**МААНИЛҮҮ!**

Биргелешкен үгүт иш-чараларына катышуудан баш тартуу же келбей коюу обо убактысын берүүгө алып келбейт.

Шайлоо алдындагы үгүткө арналган теле- жана радио берүүлөрдүн тартиби, көлөмү жана убактысы шайлоо комиссиялары тарабынан телерадио уюмдарынын жетекчилиги менен макулдашуу боюнча белгиленет жана талапкерлердин, саясий партиялардын ортосунда теңдештик принцибин сактоо менен бөлүштүрүлөт.

АШК чүчүкулак өткөрүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен катталган талапкерлерге, талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партияларга чүчүкулак өткөрүү күнү, убактысы жана орду жөнүндө билдирет жана акысыз эфир убактысын жана басма аянтты алуу үчүн чүчүкулакка катышууга алардан келип түшкөн табыштамаларды каттайт.

**АШК чүчүкулак өткөрөт,** анын натыйжасында тийиштүү телерадиоберүү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен катталган талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы үгүт материалдарын, биргелешкен үгүт иш-чараларын мамлекеттик телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз негизде эфирге чыгуу күнү жана убактысы аныкталат.

**Чүчүкулак талапкерлерди каттоо аяктагандан кийин, бирок добуш берүү күнүнө чейин 25 күндөн кечиктирбестен**, ал эми кайталап добуш берүүнү өткөрүү - кайталап добуш берүү дайындалган күндөн бир күн өткөндөн кийин жүргүзүлөт.**Чүчүкулактын натыйжалары протокол менен таризделет**.

**Чүчүкулактын натыйжасында аныкталган эфирдик убакытты бөлүштүрүү графиги АШКнын чечими менен бекитилет** жана тийиштүү түрдө мамлекеттик мезгилдүү басылмаларда жарыяланат.

**АШК** дебаттарды уюштуруу жана өткөрүү **тартибин бекитет**.

Катталган талапкерлерге, катталган талапкерлерди көрсөткөн саясий партияларга эфирдик убакытты, басма аянтты берген телерадио уюмдар жана мезгилдүү басылмалардын редакциялары (менчигинин түрүнө карабастан) Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген эсепке алууну жүргүзүүнүн формаларына жана тартибине ылайык алардын көлөмүн жана наркын**өзүнчө эсепке алууга милдеттүү**. Бул эсепке алуунун маалыматтары шайлоо алдындагы үгүт мезгилинде ар бир 10 күндө жана **добуш берүүкүнүнөн кийин 10 күндүк мөөнөттө**БШКга берилиши керек.

### Жалпыга маалымдоонун басылма каражаттары аркылуу шайлоо алдында үгүт жүргүзүү

***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25-беренеси менен жөнгө салынат)***

Талапкерлерге, саясий партияларга басма аянттарын берген мезгилдүү басылмалар менчигинин түрүнө карабастан ошондой эле шарттарда (баанын, көлөмдүн бирдейлиги жана башка шарттар) башка талапкерлерге, саясий партияларга басма аянттарын берүүгө милдеттүү. Мында басма аянтынын наркы **шайлоону дайындаган күнгө чейинки 6 ай мурда алынып жүргөн нарктан** ашпоосу керек.

### Массалык иш-чараларды өткөрүү аркылуу шайлоо алдындагы үгүт

***(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренеси менен жөнгө салынат)***

**Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары** талапкерлерге, саясий партияларга чогулуштарды жана жарандар менен жолугушууларды көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү уюштурууга **көмөк көрсөтүүгө**, жапырт иш чараларды өткөрүүдө коопсуздукту камсыз кылууга **милдеттүү**.

Шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык менчиктеги жайларды бөлүп берүү жөнүндө талапкерлердин, саясий партиялардын арыздары мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан алар берилген күнү каралат.

Шайлоочулар менен жолугушуулар үчүн талапкерге, саясий партияга жайларды бөлүп берүүдөн баш тартылган учурда мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары баш тартуу жөнүндө жүйөөлөштүрүлгөн жазуу жүзүндө чечим берүүгө милдеттүү.

Эгерде көрсөтүлгөн жай жапырт иш чараларды өткөрүү үчүн талапкерлердин, саясий партиялардын бирине берилсе, ошол эле жайды башка талапкерге, саясий партияга берүүдөн баш тартууга **жол берилбейт**.

**МААНИЛҮҮ!**

Мамлекеттик же муниципалдык менчиктеги, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын балансында турган жайлар талапкерлер, саясий партиялардын өкүлдөрү, алардын ишенимдүү адамдары, ыйгарым укуктуу өкүлдөрү үчүн шайлоочулар менен жолугушуусу үчүн **бирдей шарттарда берилет**.

**Басылма, көрмө - укма жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таратуу**
***(Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренеси менен жөнгө салынат)***

Талапкерлер, саясий партиялар мыйзам менен белгиленген тартипте басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга укуктуу.

**Үгүт материалдарын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары даярдоого тыюу салынат.**Басылма жана башка үгүт материалдарынын нускалары же алардын көчүрмөлөрү аларды таратып баштаганга чейин АШКга берилүүгө тийиш**.**

**МААНИЛҮҮ!**

Талапкерлер, саясий партиялар шайлоо алдындагы үгүт материалдарын сурдокотормону же субтитрди колдонуп, окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт менен басылып, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар үчүн Брайль шрифтин же башка атайын каражаттарын пайдалануу менен үгүт материалдарынын **жалпы нускасынын санынын бир пайызынан кем эмес санда** басып чыгарууга жана таркатууга милдеттүү.

Бардык басылма жана башка үгүт материалдары үгүт материалдарын даярдаган уюмдун аталышын жана дарегин (адамдын фамилиясын, атын, атасынын атын жана жашаган жеринин дарегин), бул үгүт материалдарын даярдоону заказ кылган жактын фамилиясын, аты-жөнүн (уюмдун, жеке ишкердин аталышын), алардын нускасы жана чыгаруу датасы жөнүндө маалыматты, алардын жасалышына тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөө жөнүндө маалыматты, ошондой эле заказга акы төлөгөн талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясын, атын, атасынын атын камтууга тийиш.

**Көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын таркатууга тыюу салынат.**

**МААНИЛҮҮ!**

Шайлоо алдындагы үгүт материалдарын **тиешелүү шайлоо фондунан алдын ала төлөнбөгөн** жана белгиленген талаптарды бузуу менен даярдоого **тыюу салынат**.

Үгүт материалдарды жайгаштыруу үчүн орундар шайлоочулардын келип-кетүүсүнө ыңгайлуу болушу керек жана шайлоочулар аларда жайгаштырылган маалыматтар менен тааныша алгыдай жайгашууга тийиш. Катталган талапкерлерге, талапкерлердин тизмелерине шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бирдей аянттар берилүүгө тийиш.

Бөлүнгөн орундардын аянты аларда шайлоо комиссияларынын маалыматтык материалдарын жана талапкерлердин шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн жетиштүү болууга тийиш.

**Талапкерлер, саясий партиялар АШКда шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бөлүнгөн орундардын тизмесин алууга укуктуу.**

Көрсөтүлгөн материалдарды эстеликтерге, обелисктерге, тарыхый, маданий же архитектуралык баалуулугу бар имараттарга, ошондой эле шайлоо комиссияларынын жайларына, аларга кире берген жерлерге жана добуш берүүчү жайларга жайгаштырууга **тыюу салынат**.

Үгүт материалдарын жайгаштыруу максатында жашыл бадалдарды, дарактарды пайдаланууга **жол берилбейт**.

**ЭСКЕ САКТАП КАЛЫҢЫЗДАР!**

**АШК** жасалма түрдөгү жалган үгүт материалдарын таркатуу же болбосо заказ кылган жана даярдаган адам жөнүндө маалыматты камтыбаган үгүт материалдарын таратуу жөнүндө маалымат алса, андай ишке бөгөт коюу үчүн чара көрөт жана укукка каршы үгүт

иштерин болтурбоо жана мыйзамсыз үгүт материалдарын алып коюу жөнүндө сунуш менен тиешелүү укук коргоо жана башка органдарга **кайрылууга укуктуу**.

**Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү укугун кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбестик**

***(Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренеси менен жөнгө салынат)***

АШК шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышына контролдук кылат жана кетирилген бузууларды четтетүү боюнча чараларды кабыл алат.

Шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбейт.

Талапкер, саясий партия менен аткаруучунун ортосунда талапкердин, саясий партиянын **шайлоо фондунун каражаттарынан** төлөнүүчү эмгек келишимдеринин алкагында аткарылган **ишке акы төлөө сатып алуу деп эсептелбейт.**

**Талапкерге, саясий партияга шайлоо алдындагы үгүттүн мөөнөтү бүткөнгө чейин** талапкердин, саясий партиянын кадыр-баркына зыян келтирген маалымат жарыяланган жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда алардын беделин коргоо иретинде **төгүндөө** же башка түшүндүрмөлөрдү белгиленген **мөөнөттөрдө жарыялоого мүмкүнчүлүк бербөөжалпыга маалымдоо каражаттарын, интернет-басылмаларын мыйзамга ылайык жоопкерчиликке тартуу жана аймактык шайлоо комиссиясынын аккредитациясынан ажыратуу үчүн негиз болуп саналышы мүмкүн.**

## 3.7. АШКнын ЖМК өкүлдөрү, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсү

**Аймактык шайлоо комиссиялар жана ЖМКлар**

АШКнын ЖМКларменен өз ара аракеттенүүсү төмөнкү багыттарда ишке ашырылат:



АШКнын ЖМКларменен өз ара аракеттенүүсү төмөнкү маалымдоо маселелерде дагы ишке ашырылат:

- талапкерлерди көрсөтүү жана талапкерлерди каттоо мезгилдери боюнча;
- ЫЧКТнын ишинин алкагында, ал тарабынан көрүлгөн чаралар боюнча;
- добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө жалпы маалыматтарды жарыялаган учурларда;
- шайлоонун жыйынтыктарын маалымдоо учурларда.

Ошондой эле регионалдык гезиттерде, басма сөз, радио жана ТВ бөлүмдөрүндө жарыяланышы керек болгон маалыматты жарыялоо үчүн өз ара аракеттенүү ишке ашырылат, ал эми андай болбосо, АШК борбордук телекөрсөтүүдө жана радиодо, мамлекеттик бийлик органдардын расмий сайттарында жана башкаларда тийиштүү маалыматтарды жарыялоо үчүн ЖМК өкүлдөрүнүн жардамына кайрылууга муктаж.

АШК шайлоочулар өз убагында шайлоочулардын тизмеси менен таанышууга мүмкүнчүлүгү болушу үчүн шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу мөөнөттөрү жөнүндө калкты маалымдоонун алкагында ЖМК өкүлдөрүнө кайрылышат.

**Аймактык шайлоо комиссиясы жана мамлекеттик органдар**

АШКнын мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүсү көп маселелерде тыгыз түрдө ишке ашырылат, алсак, шайлоо округдарынын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын аныктоо процессинде АШК статистика чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, ошондой эле даректик каттоо жана ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенет. Ыйгарым укуктуу органдар берилген маалыматтын өз учурунда берилиши, аныктыгы жана толук берилиши үчүн жоопкерчилик тартышат. Өз ара аракеттенүү, анын ичинде электрондук өз ара аракеттенүү системасын («Түндүк»СМЭВ)колдонуу менен жүзөгө ашырылат.

Шайлоо округдарынын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын иштеп чыгуу процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, ошондой эле даректик каттоо жана ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенет жана төмөнкү биргелешкен ишти жүзөгө ашырат:

– ар бир шайлоо участкасынын чек араларынын чектеринде жайгашкан калктуу конуштарды жана көчөлөрдү инвентаризациялоо;
– административдик-аймактык жана аймактык бирдиктеринин обьекттерин белгилөө системасынын мамлекеттик классификатору (СОАТЕ) боюнча поселкалардын, айылдардын аталыштарын тактоо;
– ар бир курулманы эсепке алуу, аларды номерлөө;
– кайрадан катталган обьекттерин туруктуу актуалдаштыруу;
– кыймылсыз мүлккө кадастр жүргүзүү жана укуктарды каттоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аймактык бөлүмдөрүнө тийиштүү документтерди жөнөтүү;
– тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары мене бирдикте шайлоо округдарынын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын тактоо.

АШК зарылчылык болсо тиешелүү мамлекеттик органдардан жана ЖӨБ органдарынан зарыл маалыматтарды суратууга укуктуу.

**Аймактык шайлоо комиссиясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары**

Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо округдарынын схемаларын жана чек араларын түзүүнүн алдында төмөнкүлөрдү аткарат:

- райондук статистика бөлүмдөрүнөн ушул жылдын 1-январына карата айылдык кеңештин калкынын саны жөнүндө маалыматтарды суратат;
- акыркы датага карата шайлоочулардын саны жөнүндө калкты катоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын райондук бөлүмүнө суроо-талап жөнөтө алат.

Аймактык шайлоо комиссиясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдиктешайлоо округдарынын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын иштеп чыгат (жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун датасы дайындалган күн дайындалган учурдан тартып).

Шайлоо участкасында шайлоочулардын белгиленген көрсөткүчүнөн ашкан учурда АШК жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуу боюнча **БШКга жаңы шайлоо участкасын ачуу зарылчылыгы** жөнүндө сунуш киргизет.

Жаңы шайлоо участкасын ачуу мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда АШК добуш берүү үчүн болушунча ыңгайлуулукту түзүүнү эске алуу менен **көчөнү(көчөнүн бөлүгүн) башка жакынкы шайлоо участкасына кошуу** жөнүндө БШКга сунуш киргизет.

Мындай учурларда АШК ЖӨБ органдары менен бирдикте арыздарды (даттанууларды) болтурбоо үчүн жаңы шайлоо участкаларын ачуу же добуш берүү үчүн болушунча ыңгайлуулукту түзүүнү эске алуу мененкөчөнү (көчөнүн бөлүгүн) башка жакынкы шайлоо участкасына кошуу маселеси боюнча ж**ергиликтүү калктын арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин уюштурууну сунуштайт.**

Кыргыз Республикасында шайлоо жалпы, бирдей жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү мененжүргүзүлөт жана республиканын жарандарынын өз шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу жүзөгө ашырышына негизденет.

**Жарандарды шайлоого катышууга же катышпоого мажбурлоо максатында аларга, ошондой эле алардын өз эркин билдирүүгө таасир этүүгө эч кимдин укугу жок.**

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын чакыруусу боюнча ички иштер органдары шайлоо участкасынын аймагында, ошондой эле добуш берүү жайындадобуш берүүнү өткөрүүдө коомдук **тартипти камсыз кылат**.

Мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын жарандардын шайлоо укуктарын, шайлоо жөнүндө мыйзамдын талаптарын бузган чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) прокуратура органдарына, ички иштер органдарына даттанылышы мүмкүн.

*Шайлоочуларынын, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздары (даттануулары) ички иштер органдары тарабынан арыз (даттануу) келип түшкөн учурдан баштап **2 күндүк мөөнөттө**, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүүдөн мурунку күнү түшкөндө - токтоосуз каралууга тийиш. Эгерде шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер **3 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен** кабыл алынат. Арыз (даттануу) боюнча кабыл алынган чечимдин көчүрмөсүн тиешелүү шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтөт.*

**Жарандардын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине каршы кылмыштар жана жоруктар жөнүндө жазык иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш ички иштер органдары тарабынан ишке ашырылат.**

Ички иштер органдары – коомдук тартипти бузууга тийиштүү арыздарды (даттанууларды), ошондой эле мыйзамдарда (ЖК, ЖжК) белгиленген жоопкерчилик каралган аткаруу бийлигинин органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарын кошпогондо, шайлоо процессине катышуучуларынын иш-аракеттерине арыздарды кароо боюнча иш жүргүзөт.

Прокуратура органдары – аткаруу бийлигинин органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары тарабынан шайлоо мыйзамдарынын сакталышына көзөмөл жүргүзөт, ошондой эле мыйзамдарда (ЖК, ЖжК) белгиленген жоопкерчилик каралган алардын иш-аракеттерине арыздарды (даттанууларды) карайт. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары тарабынан шайлоо мыйзамдарын жазык укук бузуулар болгон учурда жана жазык иши козголгон учурда (шектелгендиги тууралуу кабарланганда) андан ары териштирүү үчүн тиешелүү тергөө органдарына жөнөтүлөт.

**Добуш берүү күнү жана ага чейинки күн болуп ички иштер жана башка укук коргоо органдары, ошондой эле сот органдары үчүн жумуш күн эсептелет.**

### 3.8. Аймактык шайлоо комиссиясы жана шайлоо бюллетендери

*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 30-беренеси менен жөнгө салынат).*

Добуш берүүгө катышуу үчүн шайлоочу шайлоо бюллетенин алат, ал так отчеттуулуктагы документ болуп саналат. Формасы жана аны сактоо даражасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат. Шайлоо бюллетендеринин саны катталган шайлоочулардын санынан 0,1 пайыздан ашык болбоого тийиш.

АШК добуш берүү күнүнө чейин **20 календарлык күндөн кечиктирилбестен** шайлоо бюллетенинин текстин бекитет. Шайлоо бюллетенинин тексти анын бир гана тарабында жайгаштырылышы керек.

**Мажоритардык система** боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоодо бир шайлоо бюллетени даярдалып, аларда талапкерлердин фамилиялары, аты-жөндөрү кошумча көрсөтүлөт.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын пропорционалдуу система боюнча шайлоодо шайлоо бюллетенинде саясий партиялардын аталыштары чүчүкулак менен белгиленген кезекте кошумча көрсөтүлөт.

Талапкерлер, саясий партиялардын аталыштары жөнүндө маалыматтардын оң жагына бош квадрат жайгаштырылат. Талапкерлердин тизмесинин аягында анын оң жагына бош квадратты жайгаштыруу менен «Бардык талапкерлерге каршы» («Талапкерлердин бардык тизмелерине каршы») деген сап жайгаштырылат.

Шайлоо бюллетендери добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирилбестен мамлекеттик жана расмий тилдерде басып чыгарылат. Ар бир шайлоо бюллетенианы толтуруу тартиби жөнүндө түшүндүрмөнү жана бюллетенди даярдоочу жана нускасы жөнүндө маалыматты камтууга тийиш.

**МААНИЛҮҮ!**

Шайлоо участкалары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын шайлоо бюллетендерин өз алдынча толтуруусу үчүн атайын трафареттер, анын ичинде Брайл шрифти колдонулган бюллетендер менен жабдылат.

**АШК анын курманынын жарымынан кем эмес мүчөлөрүнүн катышуусунда БШКдан акт боюнча шайлоо бюллетендерин кабыл алат** (7-тиркеме).

Аймактык шайлоо комиссиялары шайлоо бюллетендерин участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн кеминде 3өөнүн катышуусунда участкалык шайлоо комиссияларына акт боюнча өткөрүп берет. (8-тиркеме).

Талапкерлердин, саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүдө катышууга укуктуу.

**МААНИЛҮҮ!**

Шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүнүн тууралыгы үчүн жоопкерчиликти тиешелүү шайлоо комиссияларынын төрагалары тартат.

Шайлоо бюллетендерин тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү **добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күн калганда, кайра добуш берген учурда - добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күн калганда,** ал эми участкалык шайлоо комиссияларына - **добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күн калганда** жүзөгө ашырылат. Участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүлүп берилүүчү шайлоо бюллетендеринин саны шайлоо участкасы боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын санынын 0,1 пайызынан ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо бюллетендерине участкалык шайлоо комиссиясынын тиешелүү мөөрүн коюу менен участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы кол коёт.

Шайлоо бюллетендери даярдалгандан кийин талапкерлер, талапкерлердин тизмеси чыгып кеткен учурда, участкалык шайлоо комиссиялары тиешелүү талапкерлер, талапкерлердин тизмеси жөнүндөгү шайлоо бюллетендериндеги маалыматтарды чийип салуусун АШК милдеттүү тартипте контролдойт. Сызылган чийип салынуучу талапкер, саясий партия, жөнүндө бардык маалыматтар жазылган саптар боюнча шарик калеми менен гана түз сызык түрүндө жүргүзүлөт. Мында чийүү сызыгы талапкер, саясий партия жөнүндө маалымат жазылган саптын каршысындагы бош квадратты камтууга тийиш.

Шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмеси жана башка шайлоо документтери, тиешелүү шайлоо комиссиясынын мөөрү сакталып турган атайын сейф (шкаф) болгон жай мөөр басып бекитилет жана ички иштер органдарына кайтарууга тапшырылат.

Ушуга байланыштуу АШКнын мүчөлөрү шайлоо бюллетендеринин жана башка шайлоо документтеринин коопсуздугун жана сакталышын камсыз кылуу үчүн кызматкерди иш-сапарга жөнөтүү жөнүндө ИИМдин райондук өкүлүнө алдын-ала кат даярдашы керек.

**МААНИЛҮҮ!**

Шайлоо бюллетендерин басмаканалардын, шайлоо комиссияларынын жайларынан алып чыгууга тыюу салынат, буга жайдан тышкары добуш берүү учурлары кирбейт, ошондой эле шайлоо бюллетендерин көчүрмөлөөгө жана таратууга тыюу салынат.

**АШК шайлоо бюллетендерин БШКдан алат (добуш берүү күнүнө чейин 10 күн мурда). Алардын сакталышын камсыз кылуу маанилүү!**

**Шайлоо бюллетендерин УШКга өткөрүп берүү добуш берүү күнүнө 2 күн калганда ишке ашырылат**

### 3.9. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын шайлоо укуктарын камсыз кылууда АШКнын мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсү

*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 12, 22, 27, 29, 31, 33-беренелери менен жөнгө салынат).*

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар - жалпы **угуусунун, көрүүсүнүн, таяныч-кыймыл аппаратынын** функцияларынын бузулушунан ачык көрүнгөн турмуш-тиричилигин чектөөгө алып келген оорулар, жаракаттардын же кемтиктердин кесепети

менен шартталган, организмдин функцияларында туруктуу бузулушу бар ден соолугу бузулган, жалпы шартта активдүү шайлоо укугуна ээ Кыргыз Республикасынын жарандары.

АШК\УШК ДМЧ шайлоочулар менен ишинде майыптуулук категориясы менен шартталган алардын өзгөчөлүктөрүн эске алышы керек.

**АШК төмөнкү иш-аракеттерди контролдойт:**

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларды маалымдоону;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардыүгүттөөгө контролдук кылууну жана мониторинг жүргүзүүнү;
- добуш берүү үчүн жайлардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана добуш берүү үчүн жайларды атайын жардам берүү каражаттары менен жабдууну(ДМЧ шайлоочулардын Керектөө картасын түзүү);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жашыруун добуш берүүчүн ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүнү.

**Шайлоочулардын тизмесиндеги ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын маалыматтарын киргизүү, так эместиктерди оңдоо**

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоочулардын тизмесине жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү болуп саналган жарандар киргизилет (паспортунда жашаган жеринде каттоосу жөнүндө белгиси бар).

ЖӨБО шайлоо датасы жарыялангандан кийиншайлоочулардын тизмесинде өзүнүн бар экендигин текшерүү жана добуш берүүгө катышуу үчүн шайлоо участкасына келе албаган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аймагында жашаган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын тизмесин берүү жөнүндө суроо-талапты социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө жөнөтөт.

Социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү суроо-талап келип түшкөндөн кийин беш күндүк мөөнөттө суроо-талап кылынган маалыматты жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берет.

ЖӨБО бар болгон маалыматтардын негизинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын тизмесин түзөт жана муниципалдык мекемелер жана аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары (муниципалдык аймактык башкаруулар, үй, көчө жана кварталдык комитеттер, жамааттар ж.б.) аркылуу тийиштүү шайлоо участкасындагы шайлоочулардын тизмесинде аларды тактоо боюнча ишти уюштурат.

Тийиштүү шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесинде жаран жок болгон учурда ЖӨБО СӨМнын Тейлөө борбору аркылуу (119 акысыз номери боюнча) шайлоочу жөнүндө төмөнкү маалыматты текшерет:

А) башка шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесинде шайлоочунун бар экендигин;

Б) шайлоочулардын тизмесинде шайлоочунун жок экендигин.

Эгерде шайлоочу башка шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесине киргизилсе же анын жеке маалыматтарында так эместиктер аныкталса (дареги, ФАА туура эмес жазылса ж.б.), анда ЖӨБОнун өкүлдөрү №3 форма боюнча арыз толтурууга көмөк көрсөтүшөт (ушул Жобонун 3-тиркемеси) жана инсандыгын тастыктаган документтин көчүрмөсү (паспорт) менен чогуу добуш берүү күнүнө чейин 15 календарлык күндөн кечиктирбестен аларды участкалык шайлоо комиссиясына берет.

Эгерде шайлоочу шайлоочулардын тизмесинде жок болсо, анда ЖӨБО добуш берүү күнүнө чейин 15 күндөн кечиктирбестен СӨМ менен бирдикте аталган жарандын

биометрикалык каттоодон өтүүсүн камсыз кылат. Биометрикалык маалыматтарды топтоо боюнча СӨМнын көчмө тобунун иштөө графиги жарандардын каалоолорун эске алуу менен ЖӨБО өкүлдөрү менен бирдикте түзүлөт. Биометрикалык каттоодон өткөндөн кийин анын маалыматтарын СӨМ тийиштүү участканын шайлоочуларынын тизмесине киргизет.

**Добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу(Керектөө картасы)**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу шарттарын камсыз кылуу, максималдуу мүмкүн болгон жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында **аймактык шайлоо комиссиясы** социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактын бөлүмдөрү менен бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын **керектөө картасын добуш берүү күнүнө чейин 60 календардык күндөн кечиктирбестен** түзөт.

Керектөө картасы добуш берүү үчүн жайда өзгөчө шарттардын түзүлүшүнө муктаж ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандар жөнүндө БШК бекиткен формага ылайык бардык маалыматтарды көрсөтүү менен сандык жана сапаттык маалыматтарды топтоо үчүн колдонулат (25-тиркеме).

Керектөө картасынын формасы өзүнө төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочунун жеке маалыматтарын (фамилиясы, аты, атасынын аты, жеке идентификациялык номер, туулган датасы, туруктуу жашаган жеринин дареги);
- майыптуулук тобу (I, II, III топ) жана бузулуу түрлөрү (угуусу, көрүүсү, таяныч-кымыл-аракет аппаратынын функциясы);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочунун башка зарыл керектөөлөрү жөнүндө эскертме.

ДМЧ менен шайлоочулардын сандык маалыматтарын аныктоо максатында (жеке маалыматтары) **БШКнын АШКнын алдындагы атайын өкүлү** тиешелүү аймакта жашаган ДМЧ жарандар жөнүндө маалыматтарды (анын ичинде пин, каттоо дареги, майыптуулук тобу жана ден соолугунун бузууларынын түрү) берүү тууралуу суроо-талапты социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын тийиштүү аймактык бөлүмүнө, Социалдык фондунун аймактык бөлүмдөрүнө жөнөтөт. Шайлоочуладын жеке маалыматтары УШКдагы Керектөө картасына киргизилет жана тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

АШК Керектөө картасын алгандан кийин УШКнын ишин контролдойт, добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүнө жана маалыматтык материалдардын жеткиликтүүлүгүнө баа берет. Добуш берүү үчүн жайдын имараттын кире беришиндеги пандустун болушу же жоктугу ДМЧ шайлоочулардын Керектөө картасында көрсөтүлөт**.**

АШК жана УШК шайлоону уюштурууда (шайлоо участкаларынын жана добуш берүү үчүн жайлардын жабдуулары) ДМЧ шайлоочулар шайлоодо башка жарандар менен бирдей шарттарда катышып жаткандыгын эске алышы керек, бирок алар үчүн өз укуктарын толук көлөмдө ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берген атайын шарттарды түзүү зарыл. Мындай шайлоочуларды коомдук-саясий турмушка кыйла интеграциялоо максатында шайлоо комиссиялары мындай шайлоочулардын добуш берүү үчүн жайларга жеке баруусу добуш берүү күнү алардын активдүү шайлоо укугун ишке ашырууну тандоодо артыкчылыктуу болушу керектигин эске алуу керек. Ушуга байланыштуу Керектөө картасынын формасынын «керектөөлөр» сабында шайлоочунун ден соолугунун бузулушунун түрүнө жараша ага жардам уюштуруу жана бул керектөөгө ылайык келген добуш берүү үчүн жайды жабдуу боюнча зарыл чаралар жазылат.

Добуш берүү жайындагы жабдуулар ДМЧ шайлоочулардын керектөөлөрүн эске алуу менен жабдылууга тийиш жана төмөнкү талаптар сакталышы керек:

- столдор, добуш берүү үчүн кабиналар жана урналар, ошондой эле маалыматтык такталар коляска колдонгон же өз алдынча ары-бери жүрүүсү кыйын болгон шайлоочулар үчүн анын жеткиликтүүлүгү (бийиктиги, туурасы, ылдыйышы жана жайгашуу орду боюнча) камсыз болгудай жайгашуусу керек;
- добуш берүү үчүн бир кабина полдун деңгээлинен 75 смден кем эмес бийиктикте жайгашкан, туурасы 40 смден кем эмес жана ылдыйышы 30 см кем эмес бюллетенди толтуруу үчүн орун (стол, текче, койгуч ж.б.) менен жабдылышы керек.
- Добуш берүү үчүн жайда чоңойтуучу айнек (лупа) жана Брайль трафаретин жайгаштыруу керек, мүмкүн болсо кошумча жарык берүү, отургучтар коюлушу керек (добуш берүү үчүн бир кабинага);
- Добуш берүү үчүн урналар (АЭУ) добуш берүү үчүн жайда болгон адамдар бюллетендеги коюлган белгини көрө албагыдай добуш берүү үчүн жайда атайын жабдылган кабинадан бир жарым метрден ашык эмес аралыкта жайгашуусу керек

ДМЧ шайлоочунун жашаган жеринен добуш берүү үчүн жайга чейинки жүрүү маршрутунун мүмкүн болушунча жеткиликтүүлүгүн максималдуу камсыз кылуу максатында **АШК тийиштүү аймактык бөлүмдөргө, ЖӨБО кайрылуу жибере алат**

- мындай шайлоочуларга атайын транспортту бөлүү, социалдык таксини уюштуруу жөнүндө ж,б.;
- мындай шайлоочуларды коштоого жардам көрсөтүү жөнүндө волонтерлорду, адис-сурдокотормочуларды ишке тартуу, «ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү коңшу шайлоочуну ала кел» акциясын өткөрүү же ушул сыяктуу социалдык акцияларды өткөрүү жөнүндө.

Жогоруда аталган иш-чараларды ишке ашырууда **АШК добуш берүүгө катышууда, тикелей эрк билдирүүдө кийлигишүүнүн, сатып алуунун жол берилбестиги жана добуш берүүнүн жашырындуулугу жөнүндө маалымат бериши керек**.Жогоруда аталган бузууларга жол берилген учурда мыйзам менен каралган жазык жана башка жоопкерчилик келип чыгаарын маалымдоо зарыл,

Эгерде добуш берүүчү жай ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын кирүүсү үчүн атайын түзүлүштөр менен жабдылбаса, тиешелүү шайлоо комиссиясы **шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен** тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн чараларды көрүү кайрылуусун жөнөтөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары аларга шайлоо комиссиялары кайрылган учурда добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды токтоосуз көрүүгө милдеттүү. Шайлоо комиссиясынын кайрылуусун аткарбоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

Пандустарды орнотуу мүмкү болбогон учурда (техникалык себептер боюнча), зарыл жана убактылуу чара катары **жардам көрсөтүү баскычын** орнотууга жол берилет. Бул максаттарда аталган шайлочуларга жардам көрсөтүү үчүн жоопту адамды аныктоо сунушталат.

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандарды маалымдоо**

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары жарандарга өз убагында маалымат берүү жана анын аныктыгыүчүн жоопкерчилик тартышат.

**АШК ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандарды маалымдоо боюнча атайын зарыл чараларды көрөт:**

- маалыматтык материалдар сурдокотормону же субтитрди колдонуу менен укма-көрмө форматта (санариптик алып жүрүүчүдө) даярдалып, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт менен басылып, ошондой эле Брайль шрифтин же башка атайын каражаттарын пайдалануу менен даярдалууга тийиш.
- маалыматтык тактада чоңойтулган шрифт менен басылып жана (же) Брайль шрифтин колдонуу менен материалдар жайгаштырылат;
- шайлоо участкаларында маалыматтык материалдар укма-көрмө форматта (санариптик алып жүрүүчүдө) болуп, шайлоо өнөктүгү жөнүндө маалыматтык материалдар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт менен басылып, ошондой эле Брайль шрифтин же башка атайын каражаттарын пайдалануу менен даярдалууга тийиш.
- Шайлоо участкаларында маалыматаык материалдар укма-көрмө форматта (санариптик алып жүрүүчүдө) болуп, шайлоо өнөктүгү жөнүндө маалыматтык материалдар (өзүн шайлоочулардын тизмесинен текшерүү, түз линия телефондору), шайлоого катышкан талапкерлер, добуш берүү тартиби, бюллетенди толтуруу тартиби жана башка жол-жоболорду аткаруу жөнүндө маалымат болушу керек.

**АШК\УИК**шайлоочулардын тиешелүү категорияларынын арасында **өз алдынча да,** ошондой эле **социалдык коргоо органдарын,** социалдык тейлөө уюмдарын, майыптуулугу бар адамдардын коомдук уюмдарын, азиздер үчүн атайын китепканаларды, башка уюмдарды тартуу менен ДМЧ шайлоочулар көп барган жерлерге (социалдык өнүктүрүү органдары, социалдык кызмат көрсөтүү уюмдары, Социалдык фондунун бөлүмдөрү, бейтапканалар, аптекалар, китепканалар, социалдык дүкөндөр ж.б.) материалдарды жайгаштыруу менен **маалыматтык материалдарды тарката алат**.

**АШК\УИК** шайлоочулар менен «түз линиялардын» мүмкүнчүлүктөрүн, анын ичинде шайлоо комиссияларынын факсимилдик, мобилдик байланышын жана интернет-ресурстарын колдонуу менен ДМЧ шайлоочуларга **консультативдик, юридикалык жардам көрсөтө алышат. Бул ишке майыптуулугу бар адамдардын коомдук уюмдарынын өкүлдөрүн ишке тартуу сунушталат** (Брайль шрифти менен басып чыгарган уюмдардын тизмеси: «Бирдей мүмкүнчүлүктөр» социалдык борбору – 0559 03 30 46; Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коому – 0555 86 99 99).

**АШК\УИК** кресло-коляска колдонгон шайлоочуларды маалыматтык жактан камсыз кылуу үчүн ЖӨБО менен бирдикте шайлоо жөнүндө көрмө материалдарды аталган категориядагы шайлоочулар кошумча көч-аракетсиз тааныша алгыдай эл көп барган жерлерге жайгаштыруусу сунушталат,

## Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларды үгүттөөнү контролдоо жана мониторинг жүргүзүү

| |
|---|
| АШК\УШК үгүт материалдарынын жалпы санынын бир пайызынан ашык эмес санда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн маалыматтык материалдарды сурдокотормону же субтитрди колдонуу менен окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт менен басылган, ошондой эле Брайль шрифтин же башка атайын каражаттарын пайдалануу менен даярдалган үгүт материалдарын жарыялоого жана таркатууга милдеттүү экендиги жөнүндө талапкерлерге, саясий партияларга маалымдоого тийиш. |

Азиз жана көрүүсү начар шайлоочулар үчүн – үгүт материалдары укма-көрмө форматта, анын ичинде радио берүү режиминде, окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт жана/же Брайль шрифтинин жардамы менен басылган үгүт материалдары же башка атайын каражаттарын пайдалануу

Дүлөй жана угуусу начар шайлоочулар үчүн – субтитри жана/же субтитри менен үгүт материалдары ( видеороликтер).

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жашыруун добуш берүүсүн ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү**

Шайлоо участкалары шайлоо бюллетендерин ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар өз алдынча толтуруусу үчүн, анын ичинде Брайль шрифтин колдонуу менен басылган бюллетендерди жайда жана жайдан тышкары жай толтуруусу үчүн атайын трафареттер менен жабдылат.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын жайларда жана жайдан тышкары добуш берүүсүнүн тартиби төмөнкү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жалпы негиздерде жүзөгө ашырылат:

- добуш берүү үчүн жайда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочу келгенде, оболу ал кандайдыр бир жардамга муктаж экендигин аныктоо зарыл;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүндө болгон чоңойтуп көрсөтүүчү айнек (лупа) же Брайль трафарети менен колдоно алат;
- комиссиясынын мүчөлөрү жол көрсөткөн ити бар шайлоочуну добуш берүү үчүн жайга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылышы керек;
- шайлоо бюллетенин алгандыгына өз алдынча кол кое албаган, шайлоо бюллетенин толтура албаган ДМЧ шайлоочу шайлоо комиссиясынын мүчөсү болуп саналбаган башка шайлоочунун, талапкердин, талапкердин өкүлүнүн, байкоочунун жардамынан пайдаланса болот. Мындай учурда шайлоочу башка адамдын жардамынан пайдалануу ниети жөнүндө УШКга оозеки билдирет;
- шайлоо бюллетенин алгандыгына өз алдынча кол кое албаган, шайлоо бюллетенин толтура албаган адамдын өтүнүчү боюнча дайындалган адам шайлоочунун эрк билдирүүсүнө толук ылайык аракеттерди жасоого милдеттүү.

## IV. ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮ АШК ИШМЕРДИГИ

**Шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка**

**субьекттеринин арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча иши**

*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 27-беренеси менен жөнгө салынат).*

*Добуш берүү күнү чыр-чатактар жана проблемалар келип чыгышы мүмкүн. Мында жол-жоболор жөнөкөй жана жалпак тил менен түшүндүрүлсө шайлоочуларда күмөн саноо болбой тургандыгын эске тутуу керек.*

*Эгерде жол-жоболор татаал жана түшүнүксүз болсо, эгерде байкоочу добуш берүү процессине нормалдуу байкоо жүргүзө албаса, эгерде комиссиянын иши талаптагыдай уюштурулбаса, ал эми шайлоону уюштуруучулардын өздөрү жол-жоболордо чаташса, мындай учурда бүткүл нааразычылык комиссияга карата болот, чыр-чатак кырдаалдын саны өсөт. Буга жол берүүгө болбойт!*

АШКнын жыйналыштарында добуш берүү күнү талапкерлердин, ЖМКлардын өкүлдөрү жана байкоочулар катышууга укуктуу.

Ыкчам чара көрүүчү координациялык тобунун (ЫЧКТ) аракеттери

Шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссиялары, Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, прокуратура органдары, ички иштер органдары Конституциянын, КР шайлоо жана башка мыйзамдарынын талаптарынын так сакталышын камсыз кылат.

Добуш берүү күнү жана ага чейинки күн болуп ички иштер жана башка укук коргоо органдары, ошондой эле сот органдары үчүн жумуш күн эсептелет. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фондунун атайын эсептерин тейлеген банктык жана башка мекемелер үчүн добуш берүү күнүнөн мурунку күн жумушчу күн болуп саналат.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын чакыруусу боюнча ички иштер органдары шайлоо участогунун аймагында, ошондой эле добуш берүү жайында добуш берүүнү өткөрүүдө коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча шайлоо комиссиялары талап кылган жардамды көрсөтүүгө милдеттүү.

Мамлекеттик органдардын жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын жарандардын шайлоо укуктарын, шайлоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бузган чечими жана (же) аракети (аракетсиздиги) прокуратура органдарында, ички иштер органдарында даттанылышы мүмкүн.

Мында ички иштер органдары коомдук тартипти бузууга тийиштүү жарандардын арыздарын (даттанууларын), ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарга жоопкерчилик каралган аракеттерине арыздарды кароо боюнча иш жүргүзөт.

Прокуратура органдары – шайлоо мыйзамдарынын сакталышына көзөмөл жүргүзөт, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жазык жоопкерчилик каралган аракеттерине жалпы көзөмөлдү жүргүзөт.

**АШКда ЫЧКТнын негизги ыйгарым укуктары:**

- АШКнын укук коргоо органдары менен шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка субьекттерининкайрылууларына, арыздарына (даттанууларына)чара көрүү предметине өз ара аракеттенүү;
- шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка субьекттеринин кайрылууларын, арыздарын (даттанууларын)ыкчам талдоо, иштетүү жана топтоо;
- укук коргоо органдарын ыкчам мүмкүнчүлүктөрү аркылуу шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка субьекттеринин кайрылууларында, арыздарында (даттанууларында) баяндалган маалыматтардын (сигналдын) жана фактылардын аныктыгын, шайлоо мыйзамдарын бузуу фактыларын токтоосуз текшерүү, ыкчам чара көрүү жана көрүлгөн чаралар жөнүндө өз убагында маалымдоо.
-

## 4.1. АШКнын шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын (даттанууларын) кароо боюнча Жумушчу тобу

Зарылчылык болсо тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясынын чечими менен шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын (даттанууларын) кароо боюнча жумушчу топту түзүү сунушталат. Жумушчу топтун курамына 3 адамдан кем эмес санда аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү (жетекчи, катчы, мүчөсү) кирет.

Жумушчу топтун ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларыныншайлоо укуктарын бузуулар жөнүндө даттанууларда жана арыздарда камтылган фактыларды изилдөө жана

алдын-ала талдоо;

- даттануу же арыз менен кайрылган адамдардын түшүндүрмөлөрүн же жүйөлөрүн угуу;
- арыз ээлери берген иш жүзүндөгү жагдайларды изилдөө жана берилген далилдерди талдоо;
- эксперттердин жана адистердин кортундуларын алуу үчүн даттануу же арыз менен байланышкан материалдарды жөнөтүү;
- келип түшкөн даттануулар жана арыздар боюнча тийиштүү чечим кабыл алуу үчүн алардын корутундуларын аймактык шайлоо комиссиясынын кароосуна жөнөтүү;
- аймактык шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарын кирбеген арыздарды жана даттанууларды чечүү тартиби жөнүндө консультацияларды берүү.

Жумушчу топтун жыйналыштарында Жумушчу топтун мүчөлөрү болуп саналбаган аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү катышууга жана өз пикирлерин билдирүүгө укуктуу. Жумушчу топтун жыйналыштарына төмөн турган шайлоо комиссияларынны мүчөлөрү, каралып жаткан маселе боюнча адистер жана эксперттер чакырылышы мүмкүн.

Жумушчу топ келип түшкөн даттануулар жана арыздар боюнча төмөнкү мөөнөттөрдө чечим кабыл алат:

- келип түшкөн күндөн тартып 3 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн мурунку күнү - токтоосуз.
- шайлоонун жүрүшүндө келип түшкөн арызда (даттанууда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирилбестен кабыл алынат.

Кол коюлган жана аймактык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн жазуу жүзүндө чечим токтоосуз арыз ээсине тапшырылат.

Ар бир келип түшкөн арыз (даттануу) жана алар боюнча чечим арыздардын (даттануулардын) реестрине киргизүү үчүн БШКга жөнөтүлөт, ал кийин Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына илинет.

## V.АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ДОБУШ БЕРҮҮ АЯКТАГАНДАН КИЙИН ИШМЕРДИГИ

### Шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо боюнча ыйгарым укуктары

*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 34-беренеси менен жөнгө салынат).*

Участкалык комиссиялар шайлоо участкаларында добуш берүүнүн жыйынтыгын аныктап жана протоколдорду жана калган документтерди АШКга жеткирип баштады. УШКнын протоколдорунун негизинде АШК тиешелүү аймак боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун жыйынтыгын аныктайт.

### 5.1. Участкалык шайлоо комиссиясынан аймактык шайлоо комиссиясына документтерди кабыл алуунун жол-жобосу:

Добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө УШКнын протоколунун биринчи нускасы ага кол коюлган күндөн кийин шайлоо документтери менен чогуу, шайлоо бюллетендерин, шайлоочулрадын тизмелерин, арыздарды (даттанууларды), алар боюнча кабыл алынган чечимдерди, участкалык шайлоо комиссиялар түзгөн актыларды, автоматтык эсептөөчү урналардын отчетторун, идентификациялоо боюнча жыйынтык отчетту кошуп, УШК төрагасы тарабынан талапкерлердин өкүлдөрүнүн, ЖМКнын жана байкоочулардын коштоосу менен **АШКга** кечиктирбестен жеткирилет.

**АШК УШКдан төмөнкү документтерди кабыл алат:**

<table>
<tr><td>№</td><td>
</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө УШК протоколу</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Автоматтык эсептөөчү урнанын (АЭУ) мөөр менен күбөлөндүрүлгөн баштапкы жана жыйынтык отчеттору</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү күнүн идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчеттор</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Добуш берүү күнү идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчеттору</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Акттар:<br>автоматтык эсептөөчү урна (АЭУ) боюнча добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктары жөнүндө;<br>жараксыз бюллетендерди кайра эсептөө жөнүндө;<br>бузулган бюллетендерди кайтаруу жөнүндө,<br>керектен чыгарылган шайлоо бюллетендердин саны жөнүндө;<br>жайдан тышкары добуш берүүнүн аякташы жөнүндө;<br>жараксыз деп чечим чыгарылган учурда добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдө шайлоо бюллетендер жөнүндө;<br>идентификациялоо жана АЭУ жабдуусунун бузулушу жөнүндө эки нускада</td></tr>
<tr><td></td><td>УШК добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун 1 нускасын шайлоо документтери менен берүү тууралуу;<br>УШКнын шайлоочуларына берилген шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө;<br>АШКдан алынганшайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө</td></tr>
<tr><td></td><td>Реестрлер:<br>жайдан тышкары добуш берүү жөнүндө арыздар;<br>шайлоочунун укуктарын бузуулар;<br>арыздар жана даттануулар;<br>байкоочулардын катышуусу жөнүндө;<br>протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жөнүндө;<br>идентификациядан өтпөгөн шайлоочулар</td></tr>
<tr><td>6</td><td>УШКнын жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколу.</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, акттар.</td></tr>
<tr><td colspan="2">КУТУ (МҮШӨК)</td></tr>
<tr><td colspan="2">Ар бир талапкер боюнча жана “баарына каршы” позициясы боюнча иргелген шайлоо бюллетендери, ошондой эле УШК өзүнүн чечими менен жараксыз деп тапкан, өзүнчө кутуга таңгакталганшайлоо бюллетендери.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Керектен чыгарылган бюллетендер</td></tr>
<tr><td colspan="2">Шайлоочулардын тизмеси</td></tr>
<tr><td colspan="2">СӨМнын оператору берген чектер</td></tr>
</table>

**МААНИЛҮҮ! ЭСКЕ САКТАП КАЛЫҢЫЗДАР!**

> Кутуда шайлоо участогунун номери жана ичиндеги документтердин тизмеги көрсөтүлөт. Кутуга УШКнын мүчөлөрүнүн колу коюлуп, мөөр басылып жабылат. Пакет, куту жогору турган шайлоо комиссиясынын же соттун чечими боюнча гана ачылат,УШКдан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду алган учурда АШК алардын толтуруунун тууралыгын контролдойт.

УШКнын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунда төмөнкү маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш:

а) нусканын номери;
б) шайлоонун деңгээлинин берилиши;
в) «Протокол» сөзү;
г) шайлоо участогун көрсөтүү менен комиссиянын аталышы;
д) протоколдордун саптары:

- **1-сап:**талапкерлердин ФАА (шайлоо бюллетенинде көрсөтүлгөн тартипте), “Баарына каршы” берген жана талапкерге берген добуштардын саны;
- **2-сап**: Участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан алынган шайлоо бюллетендеринин саны;
- **3-сап:** Шайлоо участогунун шайлоочуларынын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны;
- **4-сап:** Керектен чыгарылган шайлоо бюллетендеринин саны;
- **5-сап**: Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (5=5а+5б+5в);
  - **5а-сап:** Добуш берүү үчүн жайда шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны;
  - **5б-сап:** Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү үчүн шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны(жарактуу көчмө үкөктөр боюнча);
  - **5в-сап:** Добуш берүү үчүн жайдан тышкары (жараксыз көчмө үкөктөр боюнча) добуш берүү үчүн шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны;
- **6-сап:** Жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган бюллетендердин саны;
- **7-сап:** Жарактуу шайлоо бюллетендердин саны;
- **8-сап:** Жараксыз шайлоо бюллетендердин саны (жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган бюллетендердин эсепке алынбайт, т.а. 6-сапты эсепке алуусуз).

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун 2-сабына жана анын чоңойтулган формасына участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан алынган шайлоо бюллетендеринин саны киргизилет.

Шайлоо участогунун шайлоочуларынын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны айтылат жана протоколдун 3-сабына жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү үчүн шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны жарыяланат жана 5б-сабына жана анын чоңойтулган формасына киргизилет (жарактуу көчмө үкөктөр боюнча гана, атап айтканда, алынган шайлоо бюллетендеринин саны шайлоочулардын тизмесинде шайлоо бюллетендерин алгандыгы жөнүндө белгинин санынан ашпайт).

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун 5в-сабына жана анын чоңойтулган формасына шайлоочулардын арыздарынын санына караганда көп сандагы бюллетень алынган көчмө үкөктөр боюнча добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү үчүн бюллетендерди алган шайлоочулардын саны киргизилет.

Жогору турган шайлоо комиссияларынын бардык жалпылоочу таблицалары участкалык шайлоо комиссияларынын протоколунун саптарына ылайык келүүгө тийиш.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун 5-сабына жана анын чоңойтулган формасына 5а, 5б, 5в саптарынын жалпыланган маалыматтары жазылат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун 6-сабына жана анын чоңойтулган формасына жараксыз көчмө урналардан алынган шайлоо бюллетендеринин саны киргизилет.

УШКнын мүчөлөрү добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун 7-сабына жана анын чоңойтулган формасына шайлоочулардын белгиси боюнча аныкталган жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны эсептелет, айтылат жана киргизилет, алар боюнча шайлоочулардын эркин билдирүүнү аныктоого мүмкүн болот.

Мындан кийин Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген тартипке ылайык добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго киргизилген маалыматтардын контролдук катыштарына текшерүү жүргүзүлөт.

**МААНИЛҮҮ! ЭСКЕ САКТАП КАЛЫҢЫЗДАР!**

Добуш берүүнүн жыйынтыктары добуштарды кол менен эсептөөнүн нтаыйжалары боюнча белгиленет.

## 5.2. Аймактык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн тартиби

*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 37-беренеси менен жөнгө салынат).*

Участкалык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунун биринчи нускалары шайлоо документтери менен бирге аларга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү кол койгондон кийин акт боюнча аймактык шайлоо комиссиясына токтоосуз өткөрүп берилет,

Тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу участкалык шайлоо комиссияларынан түздөн-түз келип түшкөн протоколдордун негизинде аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын протоколдорун кабыл алуу жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген тартипте жана мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдору туура түзүлгөндүгүн алдын ала текшергенден кийин аймактык шайлоо комиссиясы бардык участкалык шайлоо комиссияларынын маалыматтарын кошуу жолу менен тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарат. Добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аймактык шайлоо комиссиясы **жыйынды таблицаны жана протоколду** түзөт, ага участкалык шайлоо комиссияларынын саны, келип түшкөн протоколдордун саны жазылат, алардын негизинде добуш берүүнүн жыйынтыктары, ошондой эле участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун суммалык маалыматтары жөнүндө протокол түзүлөт.

Тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюунун алдында шайлоо комиссиясы милдеттүү түрдө **жыйынтык жыйналышты** өткөрөт, анда комиссияга келип түшкөн добуш берүүнү жүргүзүү, добуштарды эсептөө жана төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколдорун түзүү менен байланышкан даттануулар (арыздар) каралат.

**Аймактык шайлоо комиссиясы ар бир даттануу (арыз) боюнча чечим кабыл а**лат, андан кийин аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана келип түшкөн даттануулар (арыздар) боюнча шайлоо комиссиясы кабыл алган чечимге макул болгон арыз ээлери шайлоо

комиссиясынын **жыйынтык жыйналышынын протоколуна** кол коет. Шайлоо комиссиясынын жыйынтык жыйналышынын протоколуна кол коюу учурунда протоколдун мазмунуна макул болбогон шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ага өзүнүн өзгөчө пикирин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат. Андан кийин **аймактык шайлоо комиссиясынын** мүчөлөрү тиешелүү аймактагы шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коет.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол шайлоо комиссиялары тарабынан **эки нускада** түзүлөт жана аларга шайлоо комиссиясынын катышып олтурган бардык мүчөлөрү кол коет. Протоколго тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө **эки нускада түзүлүүчү жыйынды таблица,** шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн өзгөчө пикири, ошондой эле келип түшкөн даттануулар (арыздар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер тиркелет.

Аймактык шайлоо комиссиясынын протоколунун биринчи нускасы кол коюлгандан кийин **жыйынды таблицанын биринчи нускасы** менен бирге **Борбордук шайлоо комиссиясына токтоосуз** жөнөтүлөт.

**Протоколдун экинчи нускасы** бардык шайлоо документтери менен бирге кайтарылуучу жайда алар архивге берилгенге чейин аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы тарабынан сакталат.

Шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө протоколдун чоңойтулган формасы жалпы элдин таанышуусу үчүн аймактык шайлоо комиссиясы белгилеген жерге илинип коюлат жана шайлоо комиссиясынын иши аяктаганга чейин сакталат.

### 5.3. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду толтуруунун тууралыгын жана толуктугун текшерүүнүн параметрлери

- Саптардын так жана толук толтурулушу, оңдоолордун жоктугу, колтамганын, мөөрдүн болушу ж.б.
- Цифралар бул максаттар үчүн арналган чакмактарга киргизилет. Эгерде цифралардын саны төрттөн аз болсо, катардын башталышында жайгашкан бош чакмактарга нөл коюлат. Чакмактардан кийин цифралар сөз менен жазылат.
- Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду **карандаш менен толтурууга жол берилбейт**.
- Толтурулбаган же толугу менен толтурулбаган протоколго кол коюуга жол берилбейт.

АШКнын **добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколуна АШКнын бардык мүчөлөрү кол коет. Эгерде АШК мүчөсү жок босо,** «кол тамгасы» деген графада жок болгондугуну себеби көрсөтүлөт. «Өзгөчө пикири» бар болсо, протоколдун тийиштүү сабында комиссиянын мүчөсүнүн фамилиясынын тушунда «Өзгөчө пикир» деген жазуу жана комиссиянын ошол мүчөсүнүн кол тамгасы коюлат.

# VI. ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨН КИЙИН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ИШИ

## 6.1. Аймактык шайлоо комиссияларынын шайлоонун жыйынтыктарын чыгаруусу жана натыйжасын аныктоосу

*(«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 38-беренеси менен жөнгө салынат).*

Шайлоонун натыйжаларын аймактык шайлоо комиссиясы түздөн-түз участкалык шайлоо комиссияларынан келип түшкөн протоколдордун жана жыйынтык протоколдун негизинде добуш берүү күнүнөн **20 календардык күндөн кечиктирбестен аныктайт.**

Аймактык шайлоо комиссиясы милдеттүү тартипте жыйынтыктоочу жыйналыш өткөрөт, анда шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндөгү эреже бузуулар жөнүндө келип түшкөн бардык даттанууларды (арыздарды) карайт, ар бир даттануу (арыз) боюнча чечим кабыл алат.

Шайлоонун натыйжалары жөнүндө аймактык шайлоо комиссиясы протокол түзөт, ага шайлоонун натыйжалары алардын негизинде аныкталуучу келип түшкөн протоколдордун маалыматтары, түздөн-түз төмөн турган (участкалык) шайлоо комиссияларынын саны жөнүндө маалыматтар, ошондой эле төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколдорунун суммалык маалыматтары боюнча жыйынды таблица жана протокол киргизилет.

**Шайлоого катышкан шайлоочулардын саны шайлоо бюллетендерин алуу жөнүндө шайлоочулардын койгон колунун саны боюнча аныкталат. Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны добуш берүү үчүн ящиктерден алынган белгиленген түрдөгү шайлоо бюллетендеринин саны боюнча аныкталат.**

Аймактык шайлоо комиссиясы төмөнкү учурларда шайлоону жараксыз деп эсептейт:

- эгерде башка талапкерге караганда добуштардын көпчүлүк санын алган талапкер үчүн шайлоочулардын берген добуштарынын саны бардык талапкерлерге каршы берилген шайлоочулардын добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда шайлоо кайталап жүргүзүлөт;
- эгерде башка талапкерлердин тизмесине караганда добуштардын көпчүлүк санын алган талапкерлердин тизмесине берген шайлоочулардын добуштарынын саны талапкерлердин бардык тизмесине каршы шайлоочулардын берген добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда шайлоо кайталап жүргүзүлөт.

**<u>Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктарын</u> төмөнкү учурларда жараксыз деп эсептейт:**

- эгерде добуш берүүнү жүргүзүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу убагында шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербесе;
- эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө убагында эреже бузуулар шайлоочулардын эрк-ниетин билдирүүсүнө таасир этсе;
- Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча;

Шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган учурда добуш шайлоонун натыйжалары калган шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталат. Шайлоо участогунда шайлоонун натыйжаларына таасирин тийгизген добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган учурда тиешелүү шайлоо комиссиясы кайра добуш берүү дайындаган күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө ошол шайлоо участогунда кайра добуш берүү жүргүзүлөт.

Шайлоо участкасында добуш берүүнүн, добуштарды эсептөөнүн, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду түзүүнүн тартибин бузуу менен байланышкан, ар бир

талапкер, талапкерлердин тизмеси алган добуштардын санын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербеген жоболорду бузуулар шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү белгилөөгө мүмкүндүк бербеген эреже **бузуулар деп түшүнүлөт**.

**МААНИЛҮҮ!**

Шайлоо участкасында добуш берүүнүн, добуштарды эсептөөнүн же добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн жүрүшүндө шайлоочулар өз эрк-ниетин билдиришине таасир эткен, добуш берүү күнү үгүт жүргүзүү, жарандар шайлоо укуктарын жүзөгө ашырышына тоскоолдук кылуу, добуш берүүдө байкоо жүргүзүүгө тоскоолдук кылуу, башка шайлоочулар үчүн добуш берүү, шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүү, шайлоочуларды сатып алуу менен байланышкан жоболорду бузуулар **шайлоочулардын эрк-ниетине таасир эткен эреже бузуулар деп түшүнүлөт.**

Эгерде шайлоо участкаларынын добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын **үчтөн бирин камтыган бөлүгүндө добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп таанылса,** тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыктарын жараксыз деп тааныйт.

Айылдык кеңештердин шайлоонун жыйынтыктарын аныктоодо **адегендеаял-талапкерлердин ортосунда Мыйзамга ылайык резервге калтырылган мандаттар бөлүштүрүлөт**. Башка аял-талапкерлерге карата добуштардын эң көп санын алган аял-талапкерлер шайланды деп табылат.

Эгерде шайлоо округундагы аял-талапкерлердин саны резервге калтырылган мандаттардын санынан аз болсо, биринчи абзацта көрсөтүлгөн мандаттарды бөлүштүрүүдөн кийин калган мандаттар Мыйзамга ылайык башка талапкерлердин ортосунда бөлүштүрүлөт.

Эгерде тийиштүү шайлоо округунда аял-талапкерлер жок болсо, анда резервге калтырылган мандаттар ушул берененин 3-бөлүгүнө ылайык башка талапкерлердин ортосунда бөлүштүрүлөт.

Резервге калтырылган мандаттар бөлүштүрүлгөндөн кийин калган мандаттар калган талапкерлердин ортосунда бөлүштүрүлөт. Добуш берүүгө катышкан тиешелүү шайлоо участогундагы шайлоочулардын эң көп санын алган талапкерлер (мандаттардын санына ылайык) шайланды деп таанылат.

Талапкерлер добуштардын бирдей санын алган учурда мурда катталган талапкер шайланды деп таанылат. Эгерде талапкерлер бир күндө катталган болсо, маселе чүчүкулак жолу менен чечилет.

Тийиштүү аймактык шайлоо комиссиялары тийиштүү аймакта шайлоонун жыйынтыктары жарыялангандан кийин жана депутат болуп шайланган талапкерлерден айылдык кеңештин депутаты статусу менен айкалышпаган ыйгарым укуктарды токтоткондугу жөнүндө арыздарды алгандан кийин 3 күндүк мөөнөттө шайланган депутаттарды каттайт. Тийиштүү аймактык шайлоо комиссиялары шайланган депутаттарга тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайлангандыгы жөнүндө күбөлүк жана белгиленген үлгүдөгү төш белгини берет.

### 6.2. Протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жол-жобосу

Протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жол-жобосу **төмөнкү тартипте жүргүзүлөт:**

АШКнын катчысы:

- АШК протоколго кол койгондон кийин протоколдун көчүрмөсүн чыгарат;
- протоколдун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүндө «Анык» деген жазууну коет;
- ал жазуунун алдына кол коет жана милдеттүү түрдө күбөлөндүргөн датаны жана убакытты (саатын жана мүнөтүн) көрсөтөт жана АШКнын мөөрүн басат;

– протоколдун көчүрмөсүн бергендигинин фактысын тийиштүү реестрде белгилейт.

Протоколдун нускасын же анын көчүрмөсүн алган адам көрсөтүлгөн реестрге кол коет.

### 6.3. Шайлоонун жыйынтыктарын тастыктоо үчүн БШКга шайлоо документтерин берүү

АШКнын протоколунун биринчи нускасы кол коюлгандан кийин токтоосуз жыйынды таблицанын биринчи нускасы менен чогуу БШКга жөнөтүлөт.

Ага төмөнкүлөр тиркелет:

- шайлоо бюллетендерин АШК алгандыгы жөнүндө акт ;
- шайлоо бюллетендери УШКга берилгендиги жөнүндө акты;
- АШКга келип түшкөн шайлоо мыйзамдарын бузууларга даттануулар, арыздар бул даттануулардын, арыздардын тизмесин жана алар боюча кабыл алынган чечимдерди тиркөө менен;
- Байкоочулардын, талапкерлердин өкүлдөрүн каттоо реестри; добуш берүүнү өткөрүүдө, шайлоочулардын добуштарын саноодо жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду түзүүдө катышкандарды;
- БШКдан алынган белгисиз (туура эмес)үлгүдөгү бюллетендер акт.

**АШК төмөнкүлөргө укугу жок:**

| |
|---|
| ***Протоколго жана (же)жыйынды таблицага аларда так эместиктер аныкталган учурда тактоолорду киргизүү тууралуу маселени кароодон баш тартууга.*** |
| ***Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун жана жыйынды таблицанын көчүрмөлөрүн берүүгө.*** |
| ***Шайлоо документтери менен иштөөдө, ошондой эле шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө талапкерлердин өкүлдөрүн, ЖМКны жана байкоочуларды шайлоо комиссиясынын жыйналышына киргизүүдөн баш тартууга.*** |

Добуштарды саноодо катышкан ар бир адамга АШКнын катчысы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин токтосуз мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

### 6.4. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын каттоо жана күбөлүктөрдү берүү

1. АШК шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин бул туурасында депутаттыкка шайланган талапкерге кабарлайт. Депутаттыкка шайланган талапкер 3 күндүк мөөнөттө тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу менен айкалышпаган ыйгарым укуктарды токтоткондугу жөнүндө арыздын көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

Эгерде талапкерлердин тизмелери боюнча мандаттарды бөлүштүрүүнүн натыйжасында шайланган депутат жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу менен айкалышпаган ыйгарым укуктарды токтоткондугу жөнүндө талапты 3 күндүк мөөнөттө аткарбаса, анын депутаттык мандаты төмөнкүлөргө берилет:

- тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын эң көп санын алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге;
- саясий партиянын жетектөөчү органы сунуштаган саясий партиянын тизмесинен талапкерге, эгерде талапкерлердин тизмесиндеги кийинки (кийинкилер) турган талапкердин (талапкерлердин) каршылы жок болсо (№ 31 тиркеме) же саясий партиянын

жетектөөчү органы бош орун пайда болгон күндөн тартып 3 күндүн аралыгында мындай укук менен пайдаланбаса,

- пропорционалдуу система боюнча шайлоодо партиянын тизмесиндеги шайланган депутаттан кийинки талапкерге.

Көрсөтүлгөн саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде турган талапкер добуш берүүдөн кийин депутаттык мандаттар бөлүштүрүгөнгө чейин талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө АШКга жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрыла алат. Талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндөжазуу жүзүндөгү арыз Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен форма (№ 30, 30-1-тиркемелер) боюнча түзүлүшү керек. Талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө талапкердин жазуу жүзүндөгү арызды жеке берүү мүмкүнчүлүгү болбогон учурда саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясына талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө нотариалдык күбөлүндүрүлгөн арызды берет.

АШК шайлоонун жыйынтыктары жарыялангандан кийин жана депутат болуп шайланган талапкерлерден айылдык кеңештин депутаты статусу менен айкалышпаган ыйгарым укуктарды токтоткондугу жөнүндө арыздарды алгандан кийин 3 күндүк мөөнөттө шайланган депутаттарды каттайт жана шайланган депутаттарга тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайлангандыгы жөнүндө күбөлүк жана белгиленген үлгүдөгү төш белгини тапшырат.

Саясий партия көрсөткөн талапкерлердин тизмесинде турган талапкер добуш берүүдөн кийин депутаттык мандаттар бөлүштүрүлгөнгө чейин талапкердин макулдугу менен талапкерлердин тизмесиндеги ал талаптанган орунга (кезекке), ошондой эле саясий партиянын жогорку жана аймактык органдарынын макулдугу менен талапкерлердин тизмесинде (№ 29 тиркеме) **анын кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө арыз менен** АШКга кайрылууга укуктуу.

Аталган арыз талапкер тарабынан жазуу формасында жеке берилиши керек. Талапкерлердин тизмесинен анын кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө талапкердин жазуу жүзүндөгү арызды жеке берүү мүмкүнчүлүгү болбогон учурда саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясына талапкерлердин тизмесинен анын кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө нотариалдык күбөлүндүрүлгөн арызды берет ( № 29 тиркеме).

АШК саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесинде турган талапкердин арызына ылайык жана саясий партиянын жогорку жана аймактык органдарынын тийиштүү чечимдери менен талапкерлердин тизмесинен анын кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө чечим кабыл алат .

Талапкерлердин тизмесинен талапкердин кезектүүлүгүн өзгөртүгө макулдук берүү жөнүндө саясий партиянын жогорку жана аймактык органдарынын тийиштүү чечимдери.

## VII. АШКнын ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ФИНАНСЫЛЫК ЖАКТАН КАМСЫЗДОО

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү, шайлоо комиссияларынын, алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрүнүн ичинде ишин камсыз кылуу, ошондой эле шайлоочулардын укуктук маданиятын жогорулатуу жана шайлоону уюштуруучуларды окутуу менен байланыштуу чыгымдар, ушул максаттарга бөлүнүп берилген республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

**АШК** шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө бөлүнүп берилген мамлекеттик акча каражаттарын **жумшайт**, аны учаскалык шайлоо комиссияларынын ортосунда бөлүштүрөт жана бул каражаттардын максаттуу колдонулушун контролдойт.

АШК/УШК мүчөсү негизги иштен үзгүлтүксүз иштейт.

АШК/УШК мүчөсү шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде негизги иши боюнча милдеттерди аткаруудан убактылуу бошотулат.

Шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилде АШК/УШК мүчөлөрүнө шайлоолорду, референдумдарды даярдоого жана өткөрүүгө бөлүнүп берилген каражаттардын эсебинен КР Өкмөтү тарабынан бекитилген өлчөмдө сый акы төлөнөт.

Негизги ишинен шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү мезгилине бошотулган АШК/УШК мүчөсүнүн негизги иштеген жери боюнча орто эмгек акы сакталат.

АШКнын төрагасы жана катчысына КР Өкмөтү тарабынан бекитилген өлчөмдөгү сый акы төлөнөт.

УШКнын төрагасы жана катчысына шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү мезгилине шайлоо жана референдум өткөрүүгө бөлүнүп берилген каражаттардын эсебинен КР Өкмөтү тарабынан бекитилген өлчөмдөгү сый акы төлөнөт.

Шайлоолорду, референдумдарды даярдоого жана өткөрүүгө акча каражаттар аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларына аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын бекитилген чыгымдардын сметасынын негизинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бөлүнүп берилет.

Аймактык шайлоо комиссияларын каржылоо үчүн Борбордук казналык бөлүмдөр республикалык бюджеттин чыгымдары боюнча убактылуу казналык эсептерди ачып берет.

Бул эсептерди ачуу үчүн АШК Борбордук казналык аймактык бөлүмүнө Борбордук шайлоо комиссиясы же нотариалдык контора тарабынан күбөлөндүрүлгөн комиссиянын төрагасы, бухгалтердин кол тамгаларынын үлгүлөрү менен карточканы жана печаттын тагын, ошондой эле шайлоо, референдум мезгилине Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген «Шайлоону даярдоо жана өткөрүүгө чыгымдардын сметасын» берет.

Бюджеттин кассалык аткарылышын эсепке алуу жана контролдоо автоматташтырылган тутумда реалдуу убакыт режиминде документтердин электрондук түрлөрүн жана электрондук санариптик колтамганы колдонуу менен жүргүзүлөт. АШК чыгымдардын корголгон беренелерин төлөөнү КР Финансы министрлиги 2017-жылы 28-сентябрда бекиткен №131-П буйругуна ылайык жүргүзөт.

Финансылык отчеттор жана АШК менен УШКнын актоочу баштапкы документтери финансылык текшерүүгө чейин АШКнын төрагасында сакталат. Текшерүүдөн өткөндөн кийин архивге сактоо үчүн өткөрүлүп берилет.

**АШК** шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилине ишке тартылган адистер менен эмгек келишим, ошондой эле участкалык шайлоо комиссиялардын төрагалары тарабынан жеке толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдерди **түзөт.**

**АШКнын бухгалтери** жеке толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө түзүлгөн келишимдин негизинде чыгымдардын сметасына ылайык УШКнын төрагасына өтчеттуулукка керектүү суммадагы акча каражаттарын (накталай эмес) берет:

- комиссиялардын мүчөлөрүнө сый акыларды, ишке тартылган адистерге төлөнө турган акы;
- шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө суткалык, шайлоо күнүнө чейинки күнү, ошондой эле шайлоо күнү төлөө;
- тамактанууну уюштурууга (күнүнө, шайлоого чейинки күнү, ошондой эле шайлоо күнү). Эгерде колдонулбаган аванстардын калдыктары калган учурда УШКнын төрагасы тарабынан кассага кайтарылып берилет / АШКнын банк эсептик счету.

Текшерилген аванс отчетторго АШКнын бухгалтери тарабынан кол коюлат жана АШКнын төрагасы тарабынан бекитилет.

АШКда калган колдонулбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары республикалык бюджетке кайтарылып берилүүгө тийиш.

Чыгымдардын финансылоосунун өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр болуп саналат:

1) Борбордук шайлоо комиссиясы төмөндөгү шайлоо комиссияларын финансылоосу мыйзам менен каралган;
2) Накталай эмес чыгымдардын үлүшүн көбөйтүү максатында карт-счетторго керектүү каражаттар которулган, анын ичинде финансылык отчетторду ачуу жол менен окутууга АШК/УШКнын чыгымдары;
3) БШК шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде төмөндөгү шайлоо комиссиялардын ишин камсыз кылуу үчүн 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү, мөөнөтүнөн мурун шайлоолорду же референдумдарды өткөрүүдөн башка мамлекеттик сатып алууларды **борборлоштуруп** ишке ашырат.

БШК **борборлоштурулган тартипте** төмөндөгү шайлоо комиссияларын чыгымдарын каржылайт, операцияларды жүргүзөт жана бардык тийиштүү финансылык документтерди тариздейт, аймактык шайлоо комиссиялардын ортосундагы сатып алынган товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, иштерди бөлүштүрөт, алар өз кезегинде БШК бекиткен чыгымдардын сметасына же БШК аппаратынын бөлүмдөрүнүн кызматтык катына ылайык, участкалык шайлоо комиссиялардын ортосунда бөлүштүрөт.

Ушуга байланыштуу, АШК жана УШКнын ишин кымсыз кылуу үчүн бир катар сатып алуулар борборлоштурулган тартипте ишке ашырылат, башкача айтканда:

байланыш кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө (туруктуу байланыш: шаар аралык; уюлдук байланыш);

- кеңсе буюмдарын сатып алуу;
- АЭУ жана планшеттер үчүн интернет байланышты төлөө;
  транспорттук чыгымдарды төлөө (жалданган автотранспорт үчүн күйүүчү-майлоочу материалдар (талондор / күйүчүү май карталар);
- ЖМКда билдирүүлөрдү жарыялоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө (типографиялыккызмат көрсөтүүлөр);
- Окутуу үчүн таркатуулучу материалдарды, билборддорду, көрнөктөрдү, календарларды басып чыгаруу;
- шайлоо комиссияларынын ишинин жана ыйгарым укуктарынын камсыз кылуу менен байланыштуу башка чыгымдар.

**АШК** башкы китебине, эсеп берүүчү адамдардын китебине, комиссиялардын мүчөлөрүнө сыйакы берүү боюнча кошуп эсептөө китебине, казыналык китебине жана республикалык бюджеттин каражаттары боюнча кассалык китебине жазуулардын негизинде бухгалтердик эсеп жана республикалык бюджеттен чыгымдардын сметасын аткаруу жөнүндө өтчеттуулук **жүргүзөт.**

АШКнын **бухгалтери**, участкалык шайлоо комиссиянын чыгымдарын кошуп, «Шайлоо комиссияларга шайлоо, референдумдарды даярдоо жана өткөрүүгө бөлүп берилген акча каражаттарынын накта чыгымдары» жөнүндө жыйынтыкталган финансылык өтчет түзөт, тиркелген бухгалтердик отчеттор боюнча Мамлекеттик салык кызматы жана салык фондунун тийиштүү райондук бөлүм башкаруусу менен салыштырып текшерүү актын түзөт.

Жыйынтыкталган отчетко комиссиянын төрагасы, бухгалтери жана катчысы тарабынан кол коюлушу керек жана чыгымдардын бекитилген сметасынын беренелери боюнча чыгымдарды тастыктоочу бухгалтердик эсеп жаатындагы КРнын колдонуудагы мыйзамына ылайык бардык актоочу баштапкы документтерин тиркөө менен участкалык шайлоо комиссиялардын эсеп берүүчү адамдарынын кол коюлган авансылык отчетун камтышы керек.

Убактылуу казыналык счеттор шайлоолордун, референдумдардын аякташына байланыштуу, АШКнын арызы боюнча жабылат.

**АШКнын төрагасы акча каражаттарын жумшайт** жана финансылык документтердин финансылык маселелер боюнча шайлоо комиссиялардын чечимдерине шайкештигине жана «Шайлоо комиссиялары жөнүндөгү» КР мыйзамы менен бекитилген мөөнөттөрдө жана тартипте финансылык отчеттордун берилишине **жоопкерчилик тартат**.

**АШК добуш берүү күндөн кийин 20 календардык күндөн кечиктирбестен БШКга** республикалык бюджетке келип түшкөн жана каражатталган каражаттар жөнүндө **жыйынтыкталган отчет берет**

**АШК** өз ыйгарым укуктарын аткарбаса же ылайыксыз аткарса мыйзамга ылайык **жоопкерчилик тартат**

## VIII. ШАЙЛОО ТАЛАШТАРЫ

*(Шайлоо комиссиялар тарабынан бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө жобосу, ЫЧКТ жөнүндө жобосу менен жөнгө салынат)*

**Шайлоо талаштары –** булар шайлоону дайындоо, даярдоо, өткөрүү жана алардын натыйжаларын белгилөө учурунда шайлоо мыйзамдарын колдонуу боюнча келип чыккан талаштар.

**Шайлоо талаштарынын себептери:**

- Шайлоо мыйзамынын жетилбегендиги;
- Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузуусу;
- Мамлекеттик бийлик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары тарабынан шайлоо мыйзамынын талаптарын сактабоо;
- Талапкерлер, саясий партиялар жана алардын өкүлдөрү тарабынан шайлоо мыйзамынын талаптарын бузуу;
- ЖМКлар жана алардын өкүлдөрү ж.б. тарабынан шайлоо мыйзамын бузуу

**Шайлоо талаштарды кароонун тартиби:**

- Шайлоо комиссиялары;
- Ички иштер органдары;
- Прокуратура;
- Соттор.

**Жоопкерчиликтин түрлөрү**

**Шайлоо мыйзамдарын бузуу үчүн жоопкерчиликтин төмөнкү түрлөрү каралат:**




**Конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчилиги**

Шайлоо жоопкерчилиги конституциялык-укуктук жоопкерчиликтин түрү болуп саналат жана шайлоо мыйзамдарынын талаптарын бузган учурларда ишке ашырылат.

Шайлоо жоопкерчилиги участкалык, аймактык жана Борбордук шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.




**КРнын мыйзамдарына ылайык төмөнкү адамдар жоопкерчилик тартат:**

(1) Кыргыз Республикасынын жараны тарабынан шайлоо жана шайлануу укугун эркин жүзөгө ашырышына күч колдонуу, алдоо, коркутуу, будамайлоо же башкача жол менен тоскоолдук кылган, же болбосо добуш берүүнүн жашырындуулугун бузган;

- жарандардын шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу укугун бузган;
- талапкерди колдоп кол коюуга жарандарды мажбурлаган же аларга тоскоолдук кылган, ошондой эле жасалма кол коюуга катышкан;
- шайлоочуларды сатып алууну жүзөгө ашырган;

(2) шайлануу максатында өзүнүн кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланган же болбосо катталган шайлоочулар (шайлоочулардын тизмелери) жөнүндө маалыматтарды өз учурунда түзбөгөн жана көрсөтүлгөн маалыматтарды тиешелүү шайлоо комиссияларына жөнөтөөр алдында сактабаган;

- шайлоону каржылоо эрежелерин бузган, анын ичинде шайлоо комиссияларына каражаттарды которууну создуктурган;
- жарандарга башка адамдар үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берүү максатында шайлоо бюллетендерин берген;

- шайлоо документтерин оңдоону жүзөгө ашырган, билип туруп жалган документтерди түзгөн жана берген;
- билип туруп добуштарды туура эмес эсептөөнү же добуш берүүнүн жыйынтыгын, шайлоонун натыйжасын билип туруп туура эмес чыгарган, шайлоонун натыйжасынын туура эмес белгилөөнү жүзөгө ашырган,өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерге карабастан добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө, шайлоонун натыйжалары жөнүндө маалыматтарды бербеген же жарыялабаган;

  (3) талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө жазган маалыматтарды билип туруп тараткан, же талапкердин, алардын жубайларынын жана (же) жакын туугандарынын, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирген башка аракеттерди жасаган;
- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, эл аралык байкоочулардын, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн укуктарын, анын ичинде маалыматтарды жана шайлоо документтеринин көчүрмөлөрүн өз учурунда алуу укугун бузган;
- байкоочуларды, эл аралык байкоочуларды, талапкерлерди, талапкерлердин, саясий партиялардын, өкүлдөрүнүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн тизмелерин каттоодон негизсиз **баш тарткан**;
- шайлоо участкаларында шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылган;
- шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү эрежелерин бузган, анын ичинде добуш берүү күнүнөн мурунку күнү жана добуш берүү күнү үгүт жүргүзгөн;
- шайлоо комиссиялары тарабынан өз милдеттерин аткарышына байланышкан алардын ишине **тоскоолдук кылган** же ага мыйзамга **каршы кийлигишкен;**
- добуш берүү үчүн жайдан шайлоо бюллетендерин алып чыккан;
- шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө отчетторду бербеген же жарыялабаган, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун финансылык отчетторун жана шайлоону өткөрүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетторду бербеген же жарыялабаган жактар;
- шайлоого катышуу үчүн мыйзам менен каралган өргүү берүүдөн баш тарткан иш берүүчүлөр.

## Шайлоо жаза чараларын салуунун негиздери жана тартиби шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган

Шайлоо процессинин субьектисин анын шайлоо укуктарынын бузулгандыгы, чечимдерди кабыл алуу, аракеттерди жасагандыгы/аракетсиздигижөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып арыздар (даттануулар) токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирбестен берилет жана келип түшкөн учурдан тартып 3 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн мурунку күнү – токтоосуз каралууга тийиш.

Арыздарды (даттанууларды) кароодо, ошондой эле шайлоо укуктарын, шайлоо мыйзамдарын бузуу жөнүндө маселе каралган башка учурларда кызыкдар тараптар, жактар же алардын өкүлдөрү аларды кароо күнү, убактысы жана орду жөнүндө маалымдар болушат. Көрсөтүлгөн адамдар түшүндүрмө берүүгө жана каралуучу маселенин маңызы боюнча далилдерди берүүгө укуктуу.

Келип түшкөн арыздар (даттануулар) шайлоо комиссиялары же соттор тарабынан даттануу келип түшкөн учурдан тартып **3 күндүк мөөнөттө** каралууга тийиш. Арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылат, алар боюнча чечимдер **5 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен** кабыл алынат. Чечимди кабыл алган

органдын колу коюлган жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн чечим жазуу жүзүндө токтоосуз арыз ээсине тапшырылат.

**Даттануу тартиби**

Жарандардын шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссиялардын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыздар менен төмөнкүлөр кайрыла алышат

- шайлоочулар,
- талапкерлер,
- саясий партиялар,
- КЭУ, алардын өкүлдөрү,
- байкоочулар.

Арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет.

Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) аймактык шайлоо комиссиясына даттанылат.

*Кабыл алынган чечимге арыздар (даттануулар)чечим чыккан учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.*

Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиктери) биринчи инстанциядагы сотко даттанылат.

Биринчи инстанциядагы соттун (Бишкек ш. райондор аралык соту) чечими - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанылат. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими акыркы болуп саналат жана даттанылууга жатпайт.

**Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде белгиленген жоопкерчилик**

(КР 2022-жылдын 18-январындагы № 4 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси менен бузуулардын төмөнкүтүрлөрү каралган:

**60-берене. Шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктарын бузуу**

Шайлоочунун, шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн, Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкердин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы кызмат ордуна талапкердин, талапкердин ишенимдүү адамынын, ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, байкоочунун, эл аралык байкоочунун укуктарын бузуу -

жеке жактарга 100 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 280 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

**61-берене. Шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган чечимдерди жана талаптарды аткарбоо**

Жеке жана юридикалык жактардын шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган маалыматтарды же материалдарды белгиленген мөөнөттөрдө шайлоо комиссиясына бербөөсү, ошого тете шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган шайлоо комиссиясынын чечимдерин жана талаптарын аткарбоосу, -

жеке жактарга 50 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 170 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

**62-берене. Шайлоочулардын жана шайлануучу кызмат ордуна талапкерлердин билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү**

1. Жарандын шайлоо комиссиясына, каттоо органына шайлоочуларды каттоо жана тизмеге киргизүү максатында билип туруп туура эмес маалыматтарды берүүсү, ошого тете шайлоочулардын тизмесине киргизүү максатында мыйзамсыз каттоо боюнча башка адамдардын аракеттери -

200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

2. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкердин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкердин билип туруп шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган анык эмес маалыматтарды, документтерди, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу документти берүүсү, ошондой эле талапкерликке көрсөтүү, каттоо жана шайлануу үчүн тоскоол болгон маалыматтарды жашыруусу, -

200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

**63-берене. Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) акчалай каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды алуусу**

Добушту сатып алуучулардын же алардын атынан чыккан жактардын пайдасына активдүү шайлоо укугун ишке ашыргандыгы үчүн шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) жеке өзү, же болбосо ортомчу аркылуу акчалай каражаттарды жана (же) материалдык баалуулуктарды алуусу -

10 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

Эскертүү. Ушул беренеде каралган аракеттерди жасаган адам, эгерде шайлоону жана референдумду даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө акчалай каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды алгандыгы тууралуу өз ыктыяры менен билдирсе, жоопкерчиликтен бошотулат.

**64-берене. Шайлоого катышуу үчүн өргүү берүүдөн баш тартуу**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызматка талапкер болуп катталган талапкерге, талапкердин ишенимдүү адамына, же болбосо шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө мамлекеттик бийлик органдарына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоого

жана өткөрүүгө катышуу үчүн мыйзамда каралган өргүүнү берүүдөн администрациянын (иш берүүчүнүн) баш тартуусу -

жеке жактарга 50 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

**65-берене. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу**

1. Шайлоочу, байкоочу, талапкер же анын өкүлү, ишенимдүү адамы тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарынын бузулушу, -

жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

2. Жалпыга маалымдоо каражаты тарабынан жасалган ошол эле жосун, -

жеке жактарга 100 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 280 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

3. Саясий партия же анын өкүлү, ишенимдүү адамы тарабынан жасалган ошол эле жосун, -

жеке жактарга 200 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 650 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

**66-берене. Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалыматтарды жайылтуу**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-намысына же кадыр-баркына шек келтирген маалыматтарды билип туруп жайылтуу, -

жеке жактарга 125 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 350 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

**67-берене. Талапкердин ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын жайылтуусу**

Шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыялангандан чейинки мезгил ичинде талапкердин, саясий партиянын ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын жайылтуусу, -

юридикалык жактарга 175 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

**68-берене. Жашыруун үгүт материалдарын жайылтуу**

Мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде, же болбосо референдум мезгилинде алардын чыгарылышы үчүн жооптуу уюмдар жана адамдар жөнүндө маалыматтар камтылбаган үгүттүк басма материалдарын, же болбосо чет өлкөдө даярдалган материалдарды жайылтуу, -

жеке жактарга 125 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 350 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

**69-берене. Үгүт материалдардын жок кылуу же бузуу**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызматка талапкердин портретин, укма-көрмө материалдарын, анын өмүр баяны жазылган плакатты, же болбосо имараттарда, курулмаларда же башка объекттерде илинген башка үгүт материалдарын атайылап жок кылуу, же болбосо бузуу, -

жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

Эскертүү. Үгүт материалдары имараттын, курулманын же башка объекттин менчик ээсинин (ээсинин) макулдугу жок илинсе, ал ушул берене боюнча жоопкерчиликтен бошотулат.

**437-берене. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу**

1. Шайлоону жана референдумду даярдоонун, өткөрүүнүн жүрүшүндө, добуш берүү күнү талапкердин, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын жетекчилеринин административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануусу, -

жеке жактарга 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

2. Ошол эле аракет, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, ошондой эле 30 пайыздан ашык мамлекеттик (муниципалдык) үлүшү бар уюмдардын жетекчилери тарабынан жасалса, -

жеке жактарга, кызмат адамдарына 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

## КР Кылмыш-жаза кодексинде белгиленген жоопкерчилик

### КР Кылмыш-жаза кодекси кодексинде кылмыштын төмөнкү түрлөрү каралган:

**195-берене. Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу**

1. Жарандын өз шайлоо укуктарын же референдумга катышуу укугун эркин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу, добуш берүүнүн жашырындуулугун бузуу, -

кырктан жүз саатка чейин коомдук иштерге же эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 200дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга жазаланат.

2. Шайлоо комиссияларынын, шайлоо комиссиясынын ишине кийлигишүү аркылуу референдум өткөрүү боюнча комиссиялардын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын ишине же болбосо шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн, өз милдеттерин аткаруу менен байланышкан, анын ичинде алардын чечимдерине таасир көрсөтүү максатында кызмат ордун же кызмат абалын пайдалануу менен референдум өткөрүү боюнча комиссиянын ишине тоскоолдук кылуу, атап айтканда, кызмат адамынын талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин каттоо, шайлоочулардын, референдумга катышуучулардын добуштарын эсептөө же башка маселелер боюнча талап коюшу же көрсөтмө бериши, же болбосо, шайлоо процессинде колдонулуучу мамлекеттик маалымат системаларынын ишин бузууга атайылап аракет жасоо же маалыматтарын бурмалоо, -

жүздөн үч жүз саатка чейин коомдук иштерге же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга жазаланат.

3. Ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө каралган ошол эле жосундар:

1) алдоо, мажбурлоо, зомбулук колдонуу же зомбулук колдоном деп коркутуу менен коштолсо;

2) өзүнүн кызматтык абалынан пайдалануу менен адам тарабынан жасалса;

3) адамдардын тобу тарабынан жасалса;

4) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалса;

5) уюшкан топ тарабынан жасалса;

6) кылмыштуу коомдоштуктун курамында жасалса,

7) электрондук шайлоо системасынын иштөөсүнүн белгиленген тартибин бузуу жолу менен жасалса, -

бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**196-берене. Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу**

1. Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды берүү же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алууга көмөктөшүү жолу менен шайлоочулардын добуштарын сатып алуу, ошого тете эл алдында аларга убада берүү, -

500дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга жазаланат.

2. Кыргыз Республикасынын Президенттигине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына, мамлекеттик бийликтин шайлануучу башка органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына талапкер, ошого тете талапкердин жубайы, жакын туугандары жана алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары тарабынан жасалган ошол эле жосун, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**197-берене. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузуу**

Талапкердин, саясий партиянын шайлоо өнөктүгүн, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ишин каржылоонун тартибин төмөнкүлөрдү жасоо менен бузуу:

1) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжага жетүү максатында, тиешелүү фондду кыйгап өтүү менен талапкерге, саясий партияга, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топко ири өлчөмдөгү акча же башка материалдык каражаттарды берүү;

2) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжага жетүү максатында шайлоо фонддоруна, референдум фонддоруна которулбаган ири суммадагы акча каражаттарын чыгымдоо;

3) шайлоо же референдум менен түздөн-түз же кыйыр байланышкан жана шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаны алууга же референдумду өткөрүү демилгесин коюуга багытталган, тиешелүү фонддон акысын төлөөсүз же тиешелүү фонддон негизсиз төмөндөтүлгөн баада акы төлөө менен ири өлчөмдө жүзөгө ашырылган акы төлөнүүчү жумуштарды аткаруу, товарларды сатып өткөрүү, акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү;

4) шайлоо же референдумдар жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган кайрымдуулук каражаттарын алмаштырылган жактар аркылуу шайлоо фондуна же референдум фондуна ири өлчөмдө төгүү, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү

жумуштарына, же 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Ушул Кодекстин 197 жана 198-беренелеринде ири өлчөм деп ушул беренеде көрсөтүлгөн жосундарды жасаган учурга карата шайлоо жана референдум жөнүндө мыйзамдарда белгиленген талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун, референдум фондунун бардык каражаттарынын чыгымдарынын чектелген суммасынын ондон биринен ашкан, бирок мында 5000 эсептик көрсөткүчтөн кем эмесин түзгөн акчанын суммасынын өлчөмү, мүлктүн же мүлктүк мүнөздөгү пайданын наркы таанылат.

**198-берене. Шайлоону же референдумду өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу**

Талапкердин, саясий партиянын талапкеринин же болбосо референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, алардын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн төмөнкүдөй жолдор менен жасаган аракеттери:

1) шайлоо өнөктүгүн өткөрүү же референдумду өткөрүү демилгесин көтөрүү максатында шайлоо фондуна, референдум фондуна түшпөгөн каржы же материалдык каражаттарды ири өлчөмдө пайдалануу;

2) шайлоо жана референдум жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган жана атайын шайлоо эсебине, референдум фондунун атайын эсебине которулган кайрымдуулук каражаттарын ири өлчөмдө чыгымдоо, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**199-берене. Шайлоо документтерин бурмалоо**

1. Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо, добуштарды билип туруп туура эмес эсептөө же шайлоонун, референдумдун натыйжаларын билип туруп туура эмес белгилөө, эгерде шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсү, талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, ишенимдүү адамы, ошого тете саясий партиянын, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан ушул жосундар жасалса, -

бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:

1) шайлоо комиссиясынын же референдум өткөрүү боюнча комиссиянын төрагасы, төрагасынын орун басары, катчысы тарабынан;

2) адамдардын тобу тарабынан;

3) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан;

4) электрондук шайлоо системасынын иштөөсүнүн белгиленген тартибин бузуу жолу менен, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

## БУЗУУЛАРГА ЧАРА КӨРҮҮ ЖАНА КӨРҮЛГӨН ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМДОО (ЫЧКТ)

**Ыкчам чара көрүүчү координациялык топ (ЫЧКТ)**

Мыйзамдын 41-беренесине ылайык: шайлоолорду даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлдеринде ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор түзүлөт, анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирет.

Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтун негизги иш-милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат - шайлоо мыйзамдарын бузууга **ыкчам чара көрүү**;

- көрүлүүчү чаралар жөнүндө **жарандарды маалымдоо**.

*Ыкчам чара көрүү координациялык топтун ишинин тартибин Борбордук шайлоо комиссиясын жобосу менен регламенттелген (Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 4-февралындагы № 33 токтому менен бекитилген Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобу жонундо жобо (ЫЧКТ)*

**МАКСАТТАРЫ:**

**ЫЧКТшайлоо мыйзамдарынын бузулушуна жана жарандарды көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө маалымдоого ыкчам чара көрүү максатында** шайлоолорду даярдоо жана өткөрүүдө түзүлөт.

**ПРИНЦИПТЕРИ:**

ЫЧКТ өз ишин **мыйзамдуулук, ачык жана айкындуулук** принциптеринде жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын шайлоолорун даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларынын чечимдери менен Борбордук шайлоо комиссиясынын, аймактык шайлоо комиссияларынын деңгээлинде ыкчам чара көрүүнүн координациялык топтору түзүлөт, алардын курамына тиешелүүлүгүнө жараша Борбордук шайлоо комиссиясынын, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери, прокуратура органдарынын, ички иштер органдарынын, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын тиешелүү деңгээлдеги органдарынын (укук коргоо органдарынын) өкүлдөрү кирет.

Укук коргоо органдары Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Борбордук шайлоо комиссиясынын жана/же аймактык шайлоо комиссияларынын суроо-талабы боюнча ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобунун курамына киргизүү үчүн өз өкүлдөрүнүн маалыматтарын шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 5 календардык күнүнөн кечиктирбестен жөнөтүшөт.

**Мында топтордун курамына тиешелүү деңгээлдердеги (борбордук, облустук, райондук, шаардык) органдардын жетекчилери, ошондой эле жумушчу тартибинде өз ара аракеттенүү үчүн башка кызматкерлер да кирүүгө тийиш.**

**ЫЧКТ төмөнкүдөй <u>милдеттерди</u> жүзөгө ашырат:**

- шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча шайлоо комиссияларынын жана укук коргоо органдарынын биргелешкен аракеттенүүлөрүн жүзөгө ашырууну жана координациялоону;
- келип түшкөн билдирүүлөрдү, шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъектилеринин арыздарын жана даттанууларын, ММКнын билдирүүлөрүн жана шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча интернет басылмаларды кабыл алууну, толуктап иштеп чыгууну жана ыкчам талдоону;
- ар бир сигнал, кайрылуу, арыз, зарыл чаралар жөнүндө ыкчам тапшырмаларды берүү боюнча **<u>аракеттердин алгоритмин</u>** талкуулоону жана **<u>иштеп чыгууну</u>** (*укук коргоо органдары өзүнүн компетенциясынын алкагында*);
- арыздарда, даттанууларда жана шайлоочулар менен шайлоо процессинин башка субъектилеринин кайрылууларында баяндалган маалыматтардын (сигналдардын) жана фактылардын аныктыгын токтоосуз текшерүүнү, ыкчам чара көрүү үчүн тиешелүү чечим кабыл алууга тийиш болгон тиешелүү органдарга жөнөтүүнү;
- ар кандай формадагы **тартип бузуу иштеринин абалы жана көрүлгөн чаралар жөнүндө жарандарга дайыма маалымат берүүнү**;
- тартип бузуулар жөнүндө укук коргоо органдарынын жана шайлоо комиссияларынын каналдары боюнча маалыматтарды туруктуу негизде жыйноону;
- коопсуздугу жана коомдук тартипти камсыздоо, ошондой эле жарандардын шайлоо укуктарын бузган же шайлоо комиссиясынын ишине жолтоо болгон аракеттерди, шайлоочуларды сатып алуу аракеттерин болтурбоо боюнча чараларды көрүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгууну.

**<u>БШК ЫЧКТ КАТЧЫЛЫГЫ:</u>**

- кыска номери: **<u>1255</u>**,
- электрондук дареги: **kgor_cec@shailoo.gov.kg,**
- ишеним телефону: **<u>0312 62-62-46,</u>**

<u>WhatsApp номери:</u> **0990021255.**

**ДАТТАНУУЛАРДЫН РЕЕСТРИ:**

**Шайлоо комиссиясына келип түшкөн бардык арыздар (даттануулар) милдеттүү түрдө катталууга жатат.**

"Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Мыйзамынын 7, 21-беренелерине ылайык: *"БШК даттанууларды кароо, даттанууларды кароонун мөөнөттөрүн жана тартибин сактоо маселелери боюнча төмөн турган шайлоо комиссиялары менен туруктуу өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат жана даттануулардын реестрин жүргүзөт, ал Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыяланат; УШК шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна арыздарды жана даттанууларды өз компетенциясынын чегинде карайт жана алар боюнча чечимдерди кабыл алат; түшкөн даттанууларды эсепке алууну жүргүзөт жана тиешелүү реестрге киргизүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтөт".*

Шайлоо комиссиясына келип түшкөн арыздар (даттануулар) жөнүндө маалымат жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер милдеттүү түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына Арыздар жана даттануулар реестри (Реестр) бөлүмүндө жайгаштырылат.

Реестр Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоо комиссияларынын ишинин **ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу, шайлоо процессинин субъекттерин (катышуучуларын)**, ошондой эле башка кызыкдар адамдарды шайлоо комиссиялары тарабынан каралган арыздар (даттануулар) жөнүндө маалымдоо максатында түзүлгөн.

Арыздар (даттануулар) катталгандан кийин Жумушчу топтун кароосуна берилет, арыздарды (даттанууларды) алдын ала карап чыгып, АШК, БШКнын жыйналышына чечимдин долбоорун киргизет. **Чечимдер АШК, БШКын жыйналыштарында чыгарылат.**

Аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан каралган бардык арыздар (даттануулар) Шайлоочулардын укуктарын бузуу фактылары жөнүндө реестрде чагылдырылууга тийиш (кагаз нускада) жана Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жума сайын жарыялоо үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

**Шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылат.**

Аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын бардык катталган арыздары (даттанулары) Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында Арыздардын (даттануулардын) реестринде катталган <u>учурдан тартып беш календарлык күндөн кеч эмес</u> чагылдырылат. Участкалык шайлоо комиссияларынын Арыздардын (даттануулардын) реестри Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жыйынтыгын чыгаргандан кийин беш календарлык күндөн кеч эмес чагылдырылат.

**Реестрде төмөнкү маалыматтар камтылат**:

- арыздарды (даттанууларды) караган шайлоо комиссиясынын аталышы;
- арыздарды (даттанууларды) берген адамдын жана (же) анын өкүлүнүн инициалдары;
- арыздар (даттануулар) келип түшкөн дата;
- арыздардын (даттануулардын) кыскача мазмуну;
- арыздарды (даттанууларды) кароонун жыйынтыктары боюнча Шайлоо комиссиясынын чечими, ошондой эле электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну да, шайлоо комиссиясынын аталган чечиминин тексти да жайгаштырылат;

- эгер Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими сотто даттанылса, биринчи инстанциядагы соттун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими. Ошондой эле электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну да, шайлоо комиссиясынын аталган чечиминин тексти да жайгаштырылат.

## БУЗУУЛАРДЫН БИРДИКТҮҮ РЕЕСТРИ

**Бузуулар жөнүндө протокол түзүү укугу берилген адамдар түзүлгөн бузуулар жөнүндө протоколду өзүнүн логинин жана жеке паролун колдонуу менен ББР электрондук системасына кечиктирбестен каттайт.**

**Каттоо кечиктирилбестен,** Кыргыз РеспубликасынынӨкмөтүтарабынан аныкталган тартипте бузуулар жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып **24 сааттан кеч эмес жүргүзүлүүгө тийиш**.

Комиссиянын катчысы тарабынан бузууларды ББРде каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте бузуулар жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып **24 сааттан кеч эмес жүргүзүлүүгө тийиш**.

**Бузуулардын бирдиктүү реестрине бузууларды каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы №603 токтому менен бекитилген Бузуулардын бирдиктүү реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жободо аныкталган тартипте жүргүзүлөт.**

## КЫЛМЫШТАРДЫН ЖАНА ЖОРУКТАРДЫН БИРДИКТҮҮ РЕЕСТРИ

**Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри** - сотко чейинки өндүрүштү баштоо, процесстик аракеттер, жазык ишин жана (же) жоруктар жөнүндө иштин кыймылы, жазык сот өндүрүшүнүн катышуучулары жана арызданууучулары жөнүндө маалыматтар киргизилген электрондук маалымат базасы.

**Сотко чейинки өндүрүш** – арыздар, кылмыштар жана (же) жоруктар жөнүндө билдирүүлөр Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине катталган учурдан тартып прокурор тарабынан иштин материалдары маңызы боюнча кароо үчүн сотко жиберилген жазык сот өндүрүшү.

Жазык иши боюнча сотко чейинки өндүрүш – тергөө формасында, ал эми жоруктар ушул Кодексте каралган тартипте жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүш формасында жүргүзүлөт.

Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде маалыматты киргизүүнүн датасы автоматтык түрдө белгиленет жана жазык ишинин же жорук жөнүндө иштин номери ыйгарылат.

**Сотко чейинки өндүрүштүн башталышы:**

Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, прокурор жасалган кылмыш же болбосо жорук жөнүндө арыз, кабарлама алынган учурдан тартып же кылмыш, жорук жасалгандыгын айгинелеген жагдайларды түздөн-түз тапканда, бөлүнүп берилген жазык ишинин жана жоруктар жөнүндө иштин материалдары келип түшкөндө, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштүн материалдары чет өлкөлүк мамлекеттен келип түшкөндө, токтоосуз, 24 сааттан кечикпестен тиешелүү маалыматтарды Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине киргизүүгө милдеттүү.

Жазык иши же жорук жөнүндө иш боюнча сотко чейинки өндүрүштүн башталышы жөнүндө кылмыш же жорук жөнүндө арыз же кабарлама алардан келип түшкөн жеке же юридикалык жакка кабарланат.

Сотко чейинки өндүрүштүн башталышы жөнүндө тергөөчү, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы 24 сааттан кечиктирбестен прокурорго билдирет.

Арыз ээсине билип туруп жалган билдирүү бергендиги үчүн жоопкерчиликке тартылары жөнүндө эскертилет, ал жөнүндө берилген арызда же протоколдо белги коюлат, ал арыз ээсинин кол тамгасы менен күбөлөндүрүлөт.

**Кылмыш жана (же) жорук жөнүндө арыздарды жана билдирүүлөрдү кабыл алуу жана каттоо милдеттүүлүгү:**

Сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдар кандай гана болбосун жасалган же даярдалып жаткан кылмыш жана (же) жасалган жорук жөнүндө арызды же билдирүүнү кабыл алууга жана каттоого милдеттүү. Арыз ээсине арызды же билдирүүнү кабыл алган адамды көрсөтүү менен арыздын же билдирүүнүн Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде катталган убактысын жана каттоо номерин көрсөтүү менен кылмыш жана (же) жоруктун катталгандыгы тууралуу документ берилет.

Кылмыш жөнүндө арызды каттоодон кабыл алуудан же каттоодон баш тартуу мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.